КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
САЛАМАТТЫК САКТОО
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ЗДРАВООХРАНЕНИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КР ССМнин 25.04.2022
№508 БУЙРУГУНА
ТИРКЕМЕ

# «САЛАМАТТЫК САКТООНУ БАШКАРУУ» КВАЛИФИКАЦИЯСЫ БОЮНЧА КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН КАТАЛОГУ

Бишкек 2022

УДК
ББК
Н67

**“Саламаттык сактоону башкаруу” квалификациясы боюнча Компетенциялардын каталогу**
Б.: 2022. – 62 с.

ISBN 978-9967-9350-5-1

ISBN

УДК
ББК

Компетенциялардын каталогу Швейцария Өкмөтү каржылаган “Саламаттык сактоо уюмдарынын автономиясы – II фаза” / “Саламаттыкты сактоо башкаруу системасын чыңдоо” долбоорунун колдоосу менен жарыяланды.

## “САЛАМАТТЫК САКТООНУ БАШКАРУУ” КВАЛИФИКАЦИЯСЫ БОЮНЧА КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН КАТАЛОГУН ИШТЕП ЧЫККАН ЖУМУШЧУ ТОПТУН КУРАМЫ:

| Аты-жөнү | Ээлеген кызматы / Уюмдун аты |
|---|---|
| | САЛАМАТТЫК САКТОО СЕКТОРУ |
| **Абакиров У.Т.** | Көз карандысыз IT – адис |
| **Абдраимова А.Б.** | “Саламаттык сактоо саясатын талдоо борбору” Коомдук фондунун консультанты |
| **Акунов Н.Дж.** | Медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты боюнча эксперт |
| **Алибаева Д.К.** | КР ББИМнин Жогорку жана орто кесиптик билим берүү башкармалыгынын ЧУА иштеп чыгуу секторунун башкы адиси |
| **Байзакова Н.А.** | Мамлекеттик каржылоону башкаруу маселелери боюнча эксперт |
| **Байызбекова Дж.А.** | Инфекциялык көзөмөл боюнча республикалык илимий-практикалык борбордун, “Профилактикалык медицина” илимий-өндүрүштүк бирикменин жетекчиси, профессор, м.и.д. |
| **Борчубаева Г.Ш.** | КР ССМ алдындагы ММКФнун Бюджетти түзүү жана аткаруу башкармалыгынын башчысы |
| **Джанкорозова М.К.** | Дары-дармек менен камсыздоо жана ресурстарды башкаруу боюнча эксперт |
| **Киндякова О.Н.** | Медициналык статистика жана электрондук саламаттык сактоо боюнча эксперт |
| **Комаревская Л.А.** | Медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты боюнча эксперт |
| **Мукеева С.Т.** | ҮДТжҮМА Аткаруучу директору, м.и.к. |
| **Мурзалиева Г.А.** | Саламаттык сактоо саясаты, мониторинг жана баалоо боюнча эксперт |
| **Самиев А.К.** | “Саламаттык сактоо саясатын талдоо борбору” Коомдук фондунун консультанты |

| Аты-жөнү | Ээлеген кызматы / Уюмдун аты |
|---|---|
| **Солтобеков Т.Э.** | Укуктук маселелер боюнча эксперт |
| **Сулайманова А.А.** | Ден-соолукту чыңдоо боюнча адис |
| **Толонова Б.А.** | Медициналык статистика боюнча эксперт |
| **Усенбаева Н.Т.** | КР ҮДТжҮМА эксперти |

БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫ

| | |
|---|---|
| **Алкадырова Ч.М.** | Экономика, менеджмент жана маркетинг маселелери боюнча эксперт, профессор, э.и.д. |
| **Асанова А.А.** | Ж. Баласагын атындагы КМУнун менеджмент кафедрасынын башчысы, профессор, э.и.д. |
| **Джолдошева Т.Ю.** | М. Рыскулбеков атындагы КЭУ, Магистратуранын жогорку мектебинин директору, профессор, э.и.д. |
| **Джумалиева Г.А.** | И.К. Ахунбаев атындагы КММАнын Эл аралык байланыш жана стратегиялык өнүгүү боюнча проректору, профессор, м.и.д. |
| **Джылкычиева Ж.Т.** | Ж. Баласагын атындагы КМУ, Башкаруу жана бизнес факультети, менеджмент кафедрасынын башчысы, э.и.к. |
| **Расулова Н.К.** | М. Рыскулбеков атындагы КЭУнун Билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы, доцент, э.и.к. |
| **Розыева Р.С.** | С.Б.Данияров атындагы КММКДжКИнин Саламаттык сактоонун экономикасы жана башкаруу кафедрасынын башчысы, доцент, м.и.к. |
| **Романович О.Г.** | Б.Н.Ельцин атындагы КРСУнун экономика факультетинин менеджмент кафедрасынын башчысы, доцент, э.и.к. |
| **Тулеев Р.Дж.** | КЭАУнун “Менеджмент” багыты боюнча Магистр, “Эл аралык бизнес” кафедрасынын башчысынын м.а. |
| **Турсуналиева Д.М.** | М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун окуу-методикалык иштер боюнча проректору, э.и.к. |
| **Чолпонбаев К.С.** | И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын Э.С.Матыев атындагы фармацияны башкаруу жана экономика, дары-дармек каражаттарынын технологиясы кафедрасынын башчысы, профессор, ф.и.д. |

## РЕЦЕНЗЕНТТЕР ЖАНА РЕДАКТОРЛОР:

**Бообекова А.А.** – КР ССМнин адам ресурстарын башкаруу жана медициналык билим берүү башкармалыгынын начальниги, м.и.к.

**Макарова Т.Н.** – доцент, э.и.к., коомдук саламаттык сактоонун магистри, саламаттык сактоону башкаруу жана каржылоо боюнча эксперт (жооптуу редактор)

**Весна Бьегович-Миканович** – коомдук саламаттык сактоо жана менеджмент боюнча философиянын доктору, медицина факультетинин профессору, Белград Универститети, Сербия

**Саня Матович-Милянович** – саламаттык сактоо системалары боюнча философиянын доктору, саламаттык сактоону башкаруу боюнча магистр, коомдук саламаттык сактоо боюнча адис, саламаттык сактоо системаларын чыңдоо боюнча эл аралык эксперт

**Сейталиева Ч.Т.** – саламаттык сактоо системаларын чыңдоо боюнча эксперт

**Кожокеев К.К.** – саламаттык сактоо системаларын чыңдоо боюнча эксперт

## МАЗМУНУ

1. КОЛДОНУЛГАН КЫСКАРТУУЛАР ........ 7

2. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ ........ 8

3. НЕГИЗГИ ТЕРМИНДЕР ........ 10

4. САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫНДАГЫ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР КАТАЛОГУНУН РОЛУ ЖАНА ОРДУ ........ 13

5. САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН БИЛИМИН ЖАНА КӨНДҮМДӨРҮН ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ ӨНҮКТҮРҮҮ СИСТЕМАСЫ АРКЫЛУУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮ ........ 15

6. КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН КАТАЛОГУНУН МАКСАТТАРЫ ........ 17

7. КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БУЛ КАТАЛОГУН ИШТЕП ЧЫГУУНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ........ 17

8. КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН КАТАЛОГУНУН МАКСАТЫ ЖАНА АНЫ КОЛДОНУУ ........ 19

9. КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН НЕГИЗГИ ТОПТОРУ ЖАНА КИЧИ ТОПТОРУ ........ 20

10. САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КЛАССИФИКАЦИЯЛОО ЖАНА СҮРӨТТӨӨ ........ 22

11. КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН КАТАЛОГУНУН НЕГИЗИНДЕ САЛАМАТТЫК САКТООНУ БАШКАРУУ БОЮНЧА КЕСИПТИК КАЙРА ДАЯРДООНУН ОКУУ ПРОГРАММАСЫ ........ 57

12. КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ ........ 60

## 1. КОЛДОНУЛГАН КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| **КР ПМБА** | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы |
| **ЖОЖ** | Жогорку окуу жайы |
| **КММА** | И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы |
| **КММКДжКИ** | С. Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту |
| **КУУ** | Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети |
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **КРСУ** | Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россиялык Славян университети |
| **КЭУ** | М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономика университети |
| **ДКжМБ** | Дары-дармек каражаттары жана медициналык буюмдар |
| **ССМ** | Саламаттык сактоо министрлиги |
| **МжБ** | Мониторинг жана баалоо |
| **ББжИМ** | Билим берүү жана илим министрлиги |
| **КЭАУ** | Кыргызстан эл аралык университети |
| **ЧУА** | Ченемдик-укуктук актылар |
| **КДЫФ** | Коомдук ден-соолуктун жана саламаттык сактоонун ыкчам функциясы |
| **КК** | Кесиптик компетенциялар |
| **ЖМК** | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| **БКҮӨС** | Билимди жана көндүмдөрдү үзгүлтүксүз өнүктүрүүнүн системасы |
| **СОЖ** | Стандарттуу операциялык жол-жоболор |
| **ММКФ** | Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду |
| **ССжМТӨБ** | Саламаттык сактоону жана медициналык технологияларды өнүктүрүү борбору |
| **ӨК** | Өзгөчө кырдаалдар |

## 2. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында саламаттык сактоо тармагын реформалоо жигердүү жүрүп жатат. Жүргүзүлүп жаткан реформалардын натыйжалуулугу, көбүнчө тармактык башкаруу чөйрөсү жана ар бир саламаттык сактоо уюмунун административдик-башкаруу персоналын даярдоонун сапаты канчалык максаттуу жана динамикалуу өзгөрүп жаткандыгы менен аныкталат. Өлкөнүн саламаттык сактоо системасы компетенттүү башкаруу кадрларына муктаж, анткени тармактын алдында турган максаттар жана милдеттер уюштуруучулук жана башкаруу принциптерин, ыкмаларын жана технологияларын кесипкөй жана сабаттуу колдонуу менен гана ишке ашырылышы мүмкүн.

Саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү жана өркүндөтүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу милдеттеринин бири болуп, саламаттык сактоону башкаруунун жогорку квалификациялуу кадрларын даярдоо саналат. Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин башкаруучулук компетенттүүлүгүн жогорулатуу, саламаттыкты сактоо уюмдарынын жетекчилери үчүн жогорку сапаттагы кошумча кесиптик билимдин эң маанилүү ролу барган сайын ачык айкын болууда, анткени калктын саламаттыгын сактоо жана чыңдоо абалы көп жагынан алардын ишмердүүлүгүнөн көз каранды.

Саламаттыкты сактоону башкаруудагы жана башкаруучу персоналынын өнүгүүсүндөгү заманбап тенденциялар төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт:

- жигердүү реформалоо процесстери медициналык ишмердүүлүктү жүргүзүү чөйрөсүн өзгөртүп жаткандыктан, саламаттык сактоо тармагындагы лидерлик маселелерине кызыгуунун жогорулоосу;
- жетекчи-лидердин инсандык өзгөчөлүктөрүнө, анын компетенттүүлүгүнө, анын жолдоочулары менен өз ара аракеттенүү жана ийгиликке жетүү жөндөмүнө олуттуу көңүл бурулушу;
- башкаруунун административдик жана мотивациялык формаларын айкалыштыруу; медициналык жардам көрсөтүүнү өркүндөтүү процессинде медициналык кызматкерлердин жана кызыкдар тараптардын мотивациясын камсыз кылууда лидер-жетекчилердин чечүүчү маанисинин таанылышы;
- саламаттык сактоо жаатында макулдашылган өнүгүү жана кызматташуу стратегияларын аткаруу боюнча өз ара милдеттенмелерди сактоо менен, лидерлердин кызыкдар тараптарды натыйжалуу тартуу жана алар менен өз ара аракеттенүү боюнча жөндөмдүүлүгү;
- өлкөдөгү саламаттык сактоо системасынын негизги баалуулуктарын жана максаттарын, саламаттык сактоо уюмдарынын өнүгүүсүнүн азыркы тенденцияларын түшүнүүсү, сабаттуу болгон ыкчам гана эмес, стратегиялык да чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү;

- калктын ар кандай топторунун муктаждыктарына жана өсүп жаткан суроо-талаптарына жооп берген, тармактын келечектеги өнүгүүсү, жарандардын ден соолугун коргоо жана чыңдоо маселелерин жогорку кесиптик деңгээлде чечүүгө жөндөмдүү бейтапка багытталган жетекчилерге болгон муктаждык;
- заманбап уюмдун сабаттуу жетекчисинин жаңы технологияларды жана билимдерди өздөштүрүүгө, жаңычылдыкка, чыгармачыл демилгеге, ишкердүүлүккө, өз алдынча билим алууга жана кесиптик өсүүгө болгон умтулуулары.

Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери үчүн компетенциялардын каталогу Кыргыз Республикасында мурда иштелип чыкпагандыктан, ушул Компетениялардын каталогу бул түрдөгү документтин алгачкы басылышы болуп саналат.

## 3. НЕГИЗГИ ТЕРМИНДЕР[1]

**Аттестация** – саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин жана саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервине киргизилген башка адамдардын кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин баалоо жол-жобосу.

**Кесиптик кошумча билим берүү**** – бул кесиптер менен кызматтардын квалификациялык талаптарына ылайык кесиптик негизги билим программасынын чегинен тышкары кесиптик билими бар адамдардын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатууга, кесиптик жактан кайра даярдоого, ишкердик жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө, ошондой эле маданий деңгээлин жогорулатууга багытталган билим болуп эсептелет.

**“Саламаттык сактоону башкаруу” квалификациясы боюнча кошумча кесиптик билим берүү** – бул “саламаттыкты сактоону башкаруу” квалификациясы боюнча кесиптик кайра даярдоону жана саламаттык сактоо уюмунун жетекчисинин компетенцияларынын каталогуна ылайык квалификациясын жогорулатууну камтыган билим берүү.

**Билимдер*** – иш же окуу жаатына байланыштуу фактылардын, принциптердин, теориялардын жана практикалардын жыйындысы. Билимдер теориялык жана/же фактологиялык мааниде баяндалат жана окутуу аркылуу маалыматты өздөштүрүүнүн натыйжасы болуп саналат.

**Саламаттык сактоо уюмунун жетекчисинин компетенцияларынын каталогу** – бул компетенцияларга талаптардын жыйындысы, кесиптик билимдин жана көндүмдөрдүн тизмеси жана структуралаштырылган сүрөттөлүшү, ошондой эле саламаттыкты сактоо уюмунун жетекчисинин жеке-ишкердик мүнөздөмөлөрү.

**Квалификация*** – мыйзамда белгиленген документтердин түрлөрү менен ырасталган, эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн зарыл болгон өздөштүрүлгөн билимдерди, көндүмдөрдү жана алынган тажрыйбаны таануу.

---

[1] “*” Символу колдонулган төмөндө саналып өткөн терминдер “Кыргыз Республикасында кесиптик стандартты иштеп чыгуу методологиясы” документинен келтирилген, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021.15.07. №77-Токтомуна 1-тиркеме. “**” Символу колдонулган аталган терминдер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-ж.3.02 №53-токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында кесиптик кошумча билим берүү жөнүндө жобо” документинен келтирилген.

**Компетенция*** – адамдын интеллектуалдык, коммуникативдик, уюштуруучулук, эмоционалдык жана эрктүү сапаттарына негизделген ар кандай кесиптик иш-аракеттерде билимди, көндүмдөрдү жана тажрыйбаларды колдонуу мүмкүнчүлүгү.

**Компетенттүүлүк** – белгилүү бир компетенцияларга, башкача айтканда, өз ишиндеги билимге, жөндөмгө жана тажрыйбага ээ болуу. Адамдын компетенттүүлүк комплексинин болушу анын компетенттүүлүгүн калыптандырат.

**Компетенттүү иштин критерийлери*** – талаптарга жана ченемдерге ылайык белгилүү бир эмгектик функцияларды аткаруунун натыйжаларынын сыпаттамасы.

**Жеке жана ишкердик компетенциялары*** – конкреттүү турмуштук жана/же кесиптик кырдаалды кыйла натыйжалуу чечүүгө багытталган жүрүм-турум аракеттери.

**Көндүмдөр* –** бул автоматизмге чейин жеткирилген, жогорку сапаттагы эмгек функцияларын аткара билүү.

**Квалификацияны жогорулатуу**** – кесиптик билимдин деңгээлин жогорулатуу, ишкердик сапаттарын өркүндөтүү, ошондой эле квалификацияга болгон талаптарды жогорулатуу жана кесиптик маселелерди чечүүнүн заманбап ыкмаларын өздөштүрүү зарылчылыгына байланыштуу теориялык билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү жаңыртуу максатында кошумча кесиптик билим берүүнүн түрү[2].

**Кесипкөйлүк –** окуу жана практикалык иштин жүрүшүндө эмгек функцияларын компетенттүү аткарууга болгон жөндөмдүүлүк; аткарылуучу милдеттердин татаалдыгынын деңгээлине ылайык келген белгилүү бир түрдөгү чеберчилик жана эпчилдик деңгээли.

**Кесиптик компетенттүүлүк** – белгилүү бир эмгек ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон компетенциялардын жыйындысы.

**Кесиптик кайра даярдоо**** – кесиптик билим берүүдө окуп жаткандарда болгон кесиптик иштин жаңы түрүн аткаруу үчүн зарыл болгон айрым окуу сабактарын, техниканын бөлүмдөрүн жана жаңы технологияларды үйрөнүүнү караган кошумча билим, көндүмдөргө жана ыктарга ээ болуу максатында

[2] Квалификацияны жогорулатуу иштери, зарылчылыкка жараша, бирок кызматчылардын бүткүл иш-аракетинин жүрүшүндө ар бир 5 жылдык мөөнөттө бир жолу жүргүзүлөт. Саламаттыкты сактоо системасынын 5 жылга чейинки эмгек стажы бар угуучуларын жалпы квалификацияны өркүндөтүүдөн сөзсүз өткөн болуу керек, андан кийинки циклдер-тематикалык жактан өркүндөтүлөт. (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-ж.3.02. №53-Токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында кесиптик кошумча билим берүү жөнүндө Жобо").

кошумча кесиптик билим берүүнүн түрү. Кошумча квалификация алуу үчүн кесиптик кайра даярдоо кошумча кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү жолу менен, анын ичинде эл аралык талаптарды жана стандарттарды эске алуу менен жүргүзүлөт.

**Кесиптик стандарт*** – бул эмгектик функциялардын мазмунунун жана аны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон кызматкердин квалификациясына карата коюлган талаптардын мүнөздөмөсү.

**Кесип*** – бул атайын даярдыктын натыйжасында алынган жана квалификациясы жөнүндө тиешелүү документтер менен тастыкталган белгилүү бир билимди, көндүмдөрдү жана практикалык жөндөмдөрдү талап кылган адамдын эмгек ишмердүүлүгүнүн негизги түрү.

**Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резерви** – өзүнүн кесиптик компетенциялары жана жеке-ишкердик сапаттары боюнча саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерине коюлуучу талаптарга ылайык келген квалификациялуу адамдар[3].

**Кесиптик компетенциялар** – кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүнө байланыштуу билим, жөндөм жана көндүмдөр.

**Эмгек функциясы*** – бул кызматкерде аларды аткаруу үчүн зарыл болгон билимдердин, ыктардын жана тажрыйбанын болушун болжолдогон эмгек аракеттеринин белгилүү бир топтому.

**Чеберлик** - бул билимди иш жүзүндө колдонуу. Адамдын иш-аракетинин компоненттери билимге жана аны белгилүү бир кесиптик маселелерди чечүү үчүн туура колдонууга негизделген.

**Башкаруучулук компетенция** – бул уюштуруучулук натыйжаларга жетүү үчүн башкаруу милдеттерин ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берүүчү башкаруучулук билимдердин, жөндөмдөрдүн, көндүмдөрдүн, тажрыйбалардын жана жеке сапаттардын жыйындысы. Башкаруучулук компетенция чечим кабыл алуу жана кол алдындагылар менен баарлашуу процессиндеги жетекчилердин аракеттерин сүрөттөйт.


[3] Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервине кызмат ордуна талапкерлер да, иштеп жаткан жетекчилер да кирет.

# 4. САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫНДАГЫ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР КАТАЛОГУНУН РОЛУ ЖАНА ОРДУ

2020-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин компетенттүүлүгүн камсыз кылуу системасын жаңылоо жана өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Бул иштин жүрүшүндө жетекчилердин компетенттүүлүгүн камсыз кылуу модели түзүлгөн. Бул моделдин схемасы 1-сүрөттө келтирилген.

**1-сүрөт**

САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕЛЕРИНИН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ЖАҢЫЛАНГАН СИСТЕМАСЫНЫН МОДЕЛИ




Моделден көрүнүп тургандай, компетенциялар каталогу – саламаттык сактоо уюмдарын башкаруу тутумуна ким керек – Кыргыз Республикасында саламаттык сактоо уюмунун жетекчиси болуу жөндөмүнө ээ болуу үчүн билимдин, көндүмдөрдүн жана жөндөмдөрдүн кандай спектри зарыл – деген негизги суроого жооп берет.

Компетенциялардын каталогу саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин компетенттүүлүгүн камсыз кылуунун бардык системасынын өзөгү да, баштапкы звеносу да болуп саналат. Жетекчилердин компетенцияларынын каталогу – бул компетенцияга карата талаптарды так түшүнүүнүн таяныч пункту жана жетекчилердин (а) билимин, көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн бүткүл системасын жаңыртуу үчүн платформа, (б) кызматка тандоодо, аттестациялоодо, ишин баалоодо, өркүндөтүүгө багыттоодо конкреттүү жетекчинин же жетекчилик функцияга талапкердин талап кылынган жана иш жүзүндөгү компетенцияларын объективдүү салыштыруу.

Компетенциялардын каталогунун мазмуну компетенттүүлүккө карата талаптарды аныктайт, алар саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчисинин кызмат ордун ээлөөгө талапкер жөнүндө чечим кабыл алуунун ар бир этабын жана анын кызматтык тепкич боюнча көтөрүлүшүн аныктайт.

# 5. САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН БИЛИМИН ЖАНА КӨНДҮМДӨРҮН ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ ӨНҮКТҮРҮҮ СИСТЕМАСЫ АРКЫЛУУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮ

Саламаттык сактоону башкаруу системасы саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин компетенцияларына талаптарды гана түзбөстөн, зарыл болгон компетенцияларды өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн (шарттарын, тартибин жана жол-жоболорун) да түзөт.

Зарыл болгон компетенцияларды өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн түзүү саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин билимин жана көндүмдөрүн үзгүлтүксүз өнүктүрүүнүн жаңы системасы (БКҮӨЖС) аркылуу ишке ашырылат. БКҮӨЖС 2-сүрөттө көрсөтүлгөн төрт негизги тармакты камтыйт:

1. “Саламаттык сактоону башкаруу” квалификациясы боюнча кесиптик кайра даярдоо.
2. Саламаттык сактоо уюмдарынын практик-жетекчилери үчүн саламаттыкты сактоону башкаруу боюнча квалификацияны жогорулатуу.
3. Саламаттык сактоону жана медициналык технологияларды өнүктүрүү борборунун (ССжМТӨБ) курамында саламаттык сактоону башкаруу боюнча ресурстук борбордун маалыматтык-усулдук материалдарын колдонуу.
4. Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин ишмердигин баалоо.

Биринчи эки тармак биргеликте саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери үчүн кошумча кесиптик билим берүү системасы катары каралат. Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервинин курамындагы бардык адамдар үчүн “саламаттык сактоону башкаруу” квалификациясы боюнча кесиптик кайра даярдоодон өтүү боюнча талаптарды киргизүү саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерин кесиптик кайра даярдоо үчүн да, квалификациясын жогорулатуу үчүн да, окутуунун мазмуну жана методологиясы боюнча жаңы окуу программаларын жана материалдарын иштеп чыгууну талап кылат.


Үчүнчү тармак саламаттык сактоо уюмдарынын иштеп жаткан жетекчилеринин ишмердигин колдоо жана компетенттүүлүгүн жогорулатуу багытын алар үчүн ССжМТӨБнүн Ресурстук борборунда топтолгон жана сакталып турган саламаттык сактоону башкаруу боюнча маалыматтардын жана материалдардын (ченемдик-укуктук, нускамалык-усулдук, эксперименттик, илимий-изилдөө ж.б.) жеткиликтүүлүгү аркылуу ишке ашат. Бул материалдардын болушу жетекчилердин өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө, өз билимин өркүндөтүүсүнө жана башкаруунун заманбап ыкмаларын жана алдыңкы усулдарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Төртүнчү тармак саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин ишине баа берүүнү сунуштайт, ал буга чейин колдонулуп келген, бирок азыркы учурда өзүнүн максаттарын, усулдарын жана аны жүргүзүү жол-жоболорун аныктоодо өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Компетенттүүлүктү тастыктоо механизми катары, практикалык иш-аракеттерди баалоо,

ошондой эле жетекчилердин компетенттүүлүгү алардын практикалык тажрыйбасы аркылуу кандайча көрүнүп, өнүгүп жаткандыгы жана конкреттүү жетекчилердин компетенциясы кайсы багыттарда жана маселелерде тереңдетүүнү жана өнүгүүнү талап кылаары жөнүндө маалымат булагы катары кызмат кылат.

**2-сүрөт**

УЮМДУН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ ҮЧҮН БИЛИМДИ ЖАНА КӨНДҮМДӨРДҮ ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖАҢЫ СИСТЕМАСЫНЫН СХЕМАСЫ




БКҮӨЖСнын түзүмүнүн төрт негизги тармагы тең маанилүү жана бири-бири менен тыгыз байланышта жана аларды чогуу колдонуу саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерине кесипкөйлүктү калыптандырууга жана аны иш жүзүндө өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

## 6. КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН КАТАЛОГУНУН МАКСАТТАРЫ

“Саламаттык сактоону башкаруу” квалификациясы боюнча компетенциялардын каталогунун максаты: саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчиси ээ болууга тийиш болгон негизги компетенцияларды аныктоо.

Бул Каталог саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин 2019-2030-жылдарга карата “Ден соолугу чың адам-өнүккөн өлкө” улуттук программасын ишке ашыруу үчүн зарыл жана жетиштүү компетенциясын аныктайт.

Бул Каталог саламаттык сактоонун илимий-изилдөө жана билим берүү уюмдарынын жетекчилерине жайылтылбайт.

Компетенциялардын каталогу негизги терминдердин глоссарийин камтыйт жана аларды тармактын кесиптик коомчулугунда бирдиктүү түшүнүүнү жана колдонууну камсыз кылуу үчүн саламаттыкты сактоо системасынын ченемдик укуктук жүгүртүүсүнө киргизет.

## 7. КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БУЛ КАТАЛОГУН ИШТЕП ЧЫГУУНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Иштин жүрүшүндө компетенциялардын бул каталогун иштеп чыгуунун төмөнкү принциптери жана мазмунунун өзгөчөлүктөрү аныкталды, макулдашылды жана пайдаланылды:

- Каталогду саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери (биринчи жактар) үчүн гана иштеп чыгуу.
- Каталогду саламаттык сактоонун илим-изилдөө жана билим берүү уюмдарынын жетекчилеринен тышкаркы саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери үчүн иштеп чыгуу.
- Саламаттык сактоо уюмунун жетекчисинин компетенттүүлүгүнө талаптарды түзүүдө кесиптик билимдердин жана көндүмдөрдүн, ошондой эле инсандык-ишкердик сапаттардын же мүнөздөмөлөрдүн айкалышы.
- Уюмдардын жетекчилеринин компетенттүүлүгүнө карата жалпы жана конкреттүү тармактык талаптардын айкалышы.
- Милдеттүү жана кошумча компетенцияларга бөлүүнүн жоктугу.
- Дисциплиналар аралык тематикалык топто кызматташуу аркылуу ар кандай билимдин түрдүү тармактарынын адистеринин кеңири катышуусу.

- Улуттук документтерди жана булактарды изилдөө жана эсепке алуу.
- Чет элдик булактарды изилдөө жана пайдалануу үчүн тандоо.
- Компетенциялардын Каталогунун долбоорун өлкөдөгү саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери менен талкуулоо.
- Каталогду ийкемдүү кайра карап чыгуу жана жаңыртуу. Документ саламаттык сактоонун туруктуу өнүгүп келе жаткан системасында жетекчилердин функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын, башкаруу ыкмаларынын өзгөрүүлөрүн эске алуу менен зарылдыгына жараша такталышы мүмкүн.

# 8. КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН КАТАЛОГУНУН МАКСАТЫ ЖАНА АНЫ КОЛДОНУУ

Компетенциялардын бул каталогу Кыргыз Республикасында медициналык жардам көрсөтүп жаткан саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери үчүн иштелип чыккан.

Компетенциялардын каталогу төмөнкү негизги багыттарда жана функцияларда колдонуу үчүн ченемдик акт болуп саналат:

1. **Билим берүү багыты** – саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерин кесиптик кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу программаларын иштеп чыгуу жана пайдалануу аркылуу “саламаттык сактоону башкаруу” квалификациясы боюнча кошумча кесиптик билим берүүнүн максаттарына жетүү үчүн; ошондой эле окуу программаларынын жана окутуунун методдорунун жетекчинин айрым компетенцияларын калыптандыруу милдеттерине шайкештигин баалоо.
2. Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кызмат орундарына **кыйла компетенттүү талапкерлерди конкурстук тандоо.**
3. **Компетенцияларды баалоо** – саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кесиптик компетенцияларынын, билимдеринин жана көндүмдөрүнүн иш жүзүндөгү деңгээлин өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл деп таанылган компетенциялар менен салыштыруу.
4. **Учурдагы жетекчинин компетенттүүлүгүн тастыктоо үчүн** практикалык иш-аракеттерди баалоо. Компетенциялардын каталогу баарынан мурда баалоо индикаторлорун иштеп чыгуу үчүн пайдалуу. Иш-аракеттерди баалоонун өзү жетекчилердин кесиптик өнүгүүсүн пландаштыруу үчүн компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн жеке же топтук муктаждыктарын аныктоого мүмкүндүк берет.
5. **Өзүн – өзү баалоо жана кесиптик өнүгүүнү пландаштыруу** – билим, жөндөм жана көндүм боюнча деңгээлин өзүн-өзү баалоо, ошондой эле жеке кесипкөйлүктүн жогорку деңгээлине чейин жакшыртуу жана өркүндөтүү кайсы тармактарда жана багыттарда керектигин аныктоо жана пландаштыруу үчүн колдонмо болот.
6. **Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кесиптик стандартын иштеп чыгуу.**

Компетенциялардын бул Каталогунун максатына ылайык, анын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги
- Билим берүү уюмдары
- Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерин, ошондой эле жетекчилик кызматка талапкерлерди камтыган саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервинин курамындагы адамдар

- Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин ассоциациясы
- Башка кесиптик ассоциациялар
- Башка кызыкдар тараптар

## 9. КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН НЕГИЗГИ ТОПТОРУ ЖАНА КИЧИ ТОПТОРУ

Компетенциялардын бул Каталогунун максаттары үчүн компетенциялардын эки тобун айкалыштыруу ыкмасы колдонулган: (1) кесиптик билимдер менен ыктар, жана (2) жекече-ишкердик сапаттар менен жөндөмдөр. Бул айкалышты зарыл жана жетиштүү деп эсептесе болот, анткени ал адамдын мүнөздөмөлөрүнүн кеңири спектрин эске алууга мүмкүндүк берет. Бул мүнөздөмөлөргө окутуунун жана практикалык тажрыйбанын натыйжасында алынган жана өнүктүрүлгөн, ошондой эле жетекчилик кызматка талапкер болгон адамдар үчүн зарыл жана артыкчылыктуу болгон тубаса инсандык сапаттары кирет. 1-Таблица бул компетенциялардын каталогун иштеп чыгууда колдонулган компетенциялардын негизги топторунун жана кичи топторунун кыскача тизмесин берет.

**1-таблица**

КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН НЕГИЗГИ ТОПТОРУНУН ЖАНА КИЧИ ТОПТОРУНУН ТИЗМЕСИ

| № | Компетенция-лардын тобу | Кичи топтор | Компетенциялардын тизмеси | Өзгөчө мүнөздөмөлөр |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Башкаруучу-лук** | Чечим кабыл алууга байланышкан компетенциялар | Стратегиялык көрө билүү | Билимдерге негизделген көндүмдөрдү калыптандырат<br><br>Инсандык сапаттар менен гармониялуу айкалышканда жакшы өнүгөт жана жакшы колдонулат (3-топ) |
| | | | Маалыматты издөө жана талдоо | |
| | | | Болжолдоо | |
| | | | Тобокелдиктерди минималдаштыруу | |
| | | Коммуникацияга байланышкан компетенциялар | Ак ниеттүү ишмердүүлүк чөйрөсүн түзүү | |
| | | | Өз идеяларын жана чечимдерин жактоо | |
| | | | Конфликттик кырдаалдардын алдын алуу жана аларды жөнгө салуу | |
| | | Кызматкерлерди башкарууга байланышкан компетенциялар | Ишти уюштуруу | |
| | | | Милдеттерди коюу жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө | |
| | | | Кызматкерлерди мотивациялоо жана өнүктүрүү | |
| | | Максатка жетүү менен байланышкан компетенциялар | Натыйжага багыт алуу жана максатка умтулуу | |
| | | | Натыйжалар үчүн жоопкерчилик | |
| | | | Өзгөрүүлөргө жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө даяр болуу | |

| № | Компетенция-лардын тобу | Кичи топтор | Компетенциялардын тизмеси | Өзгөчө мүнөздөмөлөр |
|---|---|---|---|---|
| 2 | **Кесиптик билимдер жана жөндөмдөр** | Жалпы кесиптик компетенциялар.<br>Тармакка (саламаттык сактоого) мүнөздүү бөтөнчө кесиптик компетенциялар | Лидерлик | Негизинен, бул окутуу жана практикалык тажрыйба аркылуу таанып-билүүнүн жана өздөштүрүүнүн предмети болуп эсептелет<br>Билимдерге негизделген көндүмдөрдү калыптандырат |
| | | | Укуктук | |
| | | | Уюштуруучулук | |
| | | | Экономикалык-финансылык | |
| | | | Маалыматтык-талдоочулук | |
| | | | Технологиялык жана техникалык | |
| | | | Кардарларга (тышкы жана ички) багытталышы | |
| | | | Башкалар (кошумча) | |
| 3 | **Жекече-ишкердик сапаттар жана жөндөмдөр** | Тубаса сапаттар жана жөндөмдөр<br>Кийин ээ болгон сапаттар жана жөндөмдөр | Лидерлик[4] | Көптөгөн сапаттар инсанга башынан эле мүнөздүү.<br>Инсандык жана ишкердик сапатка негизделген жөндөмдөрдү чагылдырат<br>Убакыттын өтүшү менен, айрыкча, кесиптик билимди жана көндүмдөрдү колдонуунун зарыл каражаты катары, жөндөмдөр белгилүү бир деңгээлде стимулдаштырылып, өнүгүшү мүмкүн |
| | | | Ой жүгүртүүнүн системалуулугу | |
| | | | Позитивдүү ой жүгүртүү | |
| | | | Максатка умтулуучулук жана натыйжага багыт алгандык | |
| | | | Социалдык жоопкерчилик | |
| | | | Сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жөндөмдүүлүк | |
| | | | Өз ара аракеттешүүгө жөндөмдүүлүк | |
| | | | Кооперация жана кызматташтык | |
| | | | Чечкиндүүлүк | |
| | | | Окуп-үйрөнүүгө жөндөмдүүлүк | |
| | | | Чынчылдык жана адептүүлүк | |
| | | | Тартиптүүлүк | |
| | | | Жоопкерчиликтүүлүк | |
| | | | Көңүл коюучулук | |
| | | | Ишке жөндөмдүүлүк | |
| | | | Мамилечилдик | |
| | | | Толеранттуулук | |
| | | | Баарлашуу маданияты | |
| | | | Көшөргөндүк | |
| | | | Жүрүм-турумдун этикалуулугу | |
| | | | Эмоционалдык туруктуулук | |
| | | | Өзүн-өзү тута билүү | |
| | | | Насаатчылык көндүмдөрү | |
| | | | Кызыктыра билүү жөндөмү | |
| | | | Башкалар (кошумча) | |

[4] Лидерлик бир эле убакта 2-топко да, 3-топко да тиешелүү болушу мүмкүн

# 10. САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КЛАССИФИКАЦИЯЛОО ЖАНА СҮРӨТТӨӨ

Компетенциялардын бирдиктүү классификациясы болушу мүмкүн эмес. Компетенциялардын классификациясы тармактын жана (же) уюмдун максаттарына, милдеттерине жана кызыкчылыктарына жараша иштелип чыгат. Бул каталогдун компетенцияларынын классификациясын иштеп чыгууда Leadership Competencies for Health Services Managers (2015) сунуш кылган компетенциялардын тизмеси колдонулган. 2-таблицада аталган каталог үчүн иштелип чыккан жана пайдаланылган саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин компетенцияларынын классификациясы келтирилген.

**2-таблица**

БУЛ КАТАЛОГДОГУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

| № | Негизги категория | Категориялардын структурасы |
|---|---|---|
| 1 | ЛИДЕРЛИК, БАШКАРУУ КӨНДҮМДӨРҮ ЖАНА СИСТЕМАЛУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ | 1.А. Командада иштөө жана лидерлик |
| | | 1.Б. Уюштуруучулук маданиятты калыптандыруу |
| | | 1.В. Өзгөрүүлөрдү башкаруу жана инновацияны стимулдаштыруу |
| | | 1.Г. Тобокелдиктерди башкаруу |
| | | 1.Д. Системалуу ой жүгүртүү |
| 2 | КОММУНИКАЦИЯ ЖАНА МАМИЛЕЛЕРДИ КУРУУ | 2.А. Уюмдагы мамилелерди түзүү |
| | | 2.Б. Коммуникация жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү |
| | | 2.В. Чыр-чатактарды башкаруу |
| 3 | КЕСИПКӨЙЛҮК ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК | 3.А. Жеке жана кесиптик жоопкерчилик |
| | | 3.Б. Кесиптик өнүгүү жана өмүр бою билим алуу |
| | | 3.В. Кесипке салым |
| | | 3.Г. Этикалык жүрүм-турум жана социалдык аң-сезим |
| 4 | ДЕН-СООЛУК ЖАНА САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО ЧӨЙРӨСҮ | 4.А. Саламаттык сактоо системасы |
| | | 4.Б. Коомдук саламаттык сактоо |
| 5 | САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ИШИН БАШКАРУУ | 5.А. Жалпы менеджмент |
| | | 5.Б. Уюштуруучулукту өнүктүрүү жана башкаруу |
| | | 5.В. Стратегиялык пландоо жана маркетинг |
| | | 5.Г. Саламаттык сактоо кадрларын башкаруу |
| | | 5.Д. Финансылык менеджмент |
| | | 5.Е. Маалыматты башкаруу |
| | | 5.Ж. Материалдык ресурстарды башкаруу |
| | | 5.З. Сапатты башкаруу |

**3-таблица: Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин компетенцияларын классификациялоо жана сүрөттөө**

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| **1. ЛИДЕРЛИК, БАШКАРУУЧУЛУК КӨНДҮМДӨР ЖАНА СИСТЕМАЛУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ** | | | |
| **1.А. КОМАНДАЛЫК ИШ ЖАНА ЛИДЕРЛИК** | | | |
| КК-1.1 | Стратегиялык жана ыкчам башкаруу маселелерин чечүү үчүн, мотивациянын, лидерликтин негизги теорияларын, ошондой эле топтун динамикасы процесстерин жана команданы түзүү принциптерин билүү менен топтук ишти уюштурууга жөндөмдүүлүк | • Идеалдуу жетекчинин жекече жана кесиптик сапаттары;<br>• Уюмдагы адамдардын өз ара аракеттенүүсүнүн негизги теориялары жана түшүнүктөрү, анын ичинде мотивация, топтун динамикасы, топтук иш-аракеттер жана байланыш маселелери;<br>• Топтун динамикасы процесстери жана команданы түзүү принциптери;<br>• Лидерликтин негизги теориялары, лидерликтин типологиялары, инсандын өзүн-өзү таануусунун жана башка адамдардын билимин талдоонун ыкмалары;<br>• Адамдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүнүн, командалык иштөөнүн принциптери. | **Колдоно билет:**<br>• жетекчиликтин стилин жана кесиптик ишти аткарууга түрткү берүүдеңгээлин аныктоо үчүн ар кандай психологиялык куралдарды колдонууга;<br>• башкаруу маселелерин чечүү үчүн мотивациянын, лидерликтин жана бийликтин негизги теориялары менен иштөөгө;<br>• кызматкерлердин эмгегин мотивациялоонун ыкмаларын колдонууга.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• уюмдагы жеке жана топтук жүрүм-турумга натыйжалуу таасир этүүчү заманбап технологияларды жана топтук ишти натыйжалуу уюштурууну;<br>• татаал кырдаалдарда ыкчам багыт алуу жана лидерликтин түрлөрүн жана формаларын натыйжалуу колдонууга;<br>• өз ара ишенимге жана ачык-айкындуулукка негизделген командалык иш үчүн уюмда жагымдуу шарттарды түзүү;<br>• башкалардын лидерлик сапаттарын өнүктүрүү;<br>• команданын бардык мүчөлөрүнүн, анын ичинде тышкы өнөктөштөрдүн ролун |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | жана милдеттерин так аныктоо жана колдоо. |
| КК-1.2 | Алардын социалдык маанисин эске алуу менен, негизделген уюштуруу - башкаруу чечимдерин иштеп чыгуу жана кабыл алуу, алардын ыкчамдык жана уюштуруучулук натыйжалуулугун аныктоо, татаал (анын ичинде кросс-маданияттар аралык) динамикалык чөйрөнүн, колдо болгон ресурстардын жана чектөөлөрдүн шарттарында чечимдерди ишке ашырууну камсыз кылуу жана алардын кесепеттерин баалоо жөндөмү | • Башкаруу чечимдеринин түрлөрү;<br>• Башкаруу чечимдерин иштеп чыгуунун жана кабыл алуунун моделдери жана усулдары;<br>• Башкаруу чечимдерин иштеп чыгуунун жана кабыл алуунун жол-жоболору жана этаптары. | **Колдоно билет:**<br>• кабыл алынып жаткан уюштуруу-башкаруу чечимдеринин шарттарын жана кесепеттерин баалоону;<br>• белгисиздиктин шарттарында ыңгайлашуу жана чечим кабыл алууну.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• башкаруу чечимдерин иштеп чыгуу жана кабыл алуу үчүн ар кандай моделдерди жана усулдарды колдонуу;<br>• калктын медициналык кызмат көрсөтүүгө муктаждыктарын жана атаандаштык кырдаалды эске алуу менен рационалдуу башкаруу чечимдерин кабыл алуу;<br>• кабыл алынган чечимдерди ишке ашыруу жана башкаруу, түздөн-түз жана кайтарым байланышты, натыйжаларды көзөмөлдөөнү жана баа берүүнү камсыз кылуу;<br>• уюмдун ишин башкарууда чечимдерди документтик жол-жоболоштуруу |
| **1.Б. УЮМДУК МАДАНИЯТТЫ ТҮЗҮҮ** | | | |
| КК-1.3 | Саламаттык сактоо уюмдарынын ишинин натыйжаларына жетишүү максатында уюштуруу маданиятын калыптандыруу жана диагностикалоону ишке ашыруу, уюмдун | • Уюмдун маданиятынын аныктамасы, түзүмү жана функциялары;<br>• Уюмдун маданиятын калыптандыруу, колдоо жана өзгөртүү ыкмалары;<br>• Уюмдун маданиятынын уюмдун ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына таасир этүү критерийлери; | **Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• уюмдун маданиятынын диагностикасын, анын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо;<br>• аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максатында диагностиканын натыйжаларын чечмелөө; |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | маданиятына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөндөмдүүлүгү | • Уюмдун маданиятын башкаруунун ыкмалары;<br>• Уюмдун маданиятын диагностикалоо ыкмалары. | • уюмдун маданиятын колдоонун жана өзгөртүүнүн натыйжалуу түрлөрүн киргизүү;<br>• уюмдун маданиятын жана жүрүм-турумун калыптандыруу жана колдоо (коммуникацияларды жүзөгө ашыруу, топтук ишти уюштуруу, чыр-чатактарды чечүү, өзүн-өзү башкаруу, ж.б.) жаатында. |
| **1.В. ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮ БАШКАРУУ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАРДЫ СТИМУЛДАШТЫРУУ** | | | |
| КК-1.4 | Уюмдагы долбоордук жана процесстик иш-аракеттерге жетекчилик кылуу, саламаттык сактоо уюмдарында инновациялык багыттарды өнүктүрүү планын иштеп чыгуу, ошондой эле инновацияларды киргизүү жана уюштуруучулук өзгөртүүлөрдү киргизүү программасына жетекчилик кылуу жөндөмдүүлүгү | • Инновациялардын түрлөрү;<br>• Кесиптик ишмердүүлүктөгү инновациялар;<br>• Уюмдун негизги жоболору, жаңылык киргизүүлөрдү жана инновацияларды башкаруунун ыкмалары;<br>• Уюмдук өзгөрүүлөрдү ишке ашыруунун негизги теориялары жана ыкмалары;<br>• Уюмдук өзгөрүүлөргө каршылыктарды жеңүүнүн негизги ыкмалары. | **Колдоно билет:**<br>• кесиптик ишмердиктеги инновацияларды табуу жана ишке киргизүүнү;<br>• уюмдук өзгөрүүлөр үчүн зарыл болгон климатты түзүү жана персоналды окутуу программаларын иштеп чыгууну;<br>• өзгөрүүлөргө жергиликтүү каршылыкты жеңүүнү;<br>• уюмдук өзгөрүүлөрдү киргизүүдө чечимдерди билгичтик менен кабыл алуу жана жол-жоболоштуруу, социалдык жоопкерчилик позициясынан башкаруучулук чечимдердин жана иш-аракеттердин кесепеттерин эске алууну.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• медициналык жардам көрсөтүү процессинде инновациялык технологияларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;<br>• уюмдук өзгөртүүлөрдүн программаларын иштеп чыгуу жана алардын эффектилерине баа берүү; |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | • өзгөртүүлөрдү жүзөөгө ашыруунун ыкмаларын жана шаймандарын колдонуу;<br>• уюмдук өзгөртүүлөрдү киргизүүдө чечимдерди документтик жол-жоболоштуруу;<br>• саламаттык сактоо уюмдарында уюштуруучулук өзгөртүүлөрдүн натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүү жана баалоо;<br>• өзгөртүүлөрдү ийгиликтүү ишке ашырууну камсыз кылуучу адамдарды сыйлоонун натыйжалуу системасын киргизүү. |
| **1.Г. ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ БАШКАРУУ** | | | |
| КК-1.5 | Башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн тобокелдиктерди талдоо, баалоо жана болжолдоо жана жергиликтүү, глобалдык деңгээлде алардын таасирин жымсалдоо көндүмдөрүнө ээ болуу | • Саламаттык сактоо уюмдарынын ишине байланыштуу тобокелдиктердин маңызы жана түрлөрү;<br>• Тобокелдиктердин пайда болушунун объективдүү жана субъективдүү себептери;<br>• Чечим кабыл алуу процессинде тобокелдикти моделдөө жана өлчөө үчүн типтүү ыкмалар. | **Колдоно билет:**<br>• тышкы чөйрөнүн белгисиздигинин шартында саламаттык сактоо уюмдарынын ишиндеги мүмкүн болгон тобокелдиктерди аныктоону.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• типтүү тобокелдиктерге талдоо жүргүзүү жана баалоо;<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын ишинин тобокелдиктерин жана өзгөчөлүктөрүн баалоонун жана талдоонун негизинде башкаруу чечимдеринин варианттарын иштеп чыгуу;<br>• тобокелдиктердин алдын алуунун, аларды минималдаштыруунун жана/же алардын кесепеттерин жумшартуунун негизги ыкмаларын колдонуу. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | **1.Д. СИСТЕМАЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ** | |
| КК-1.6 | Маалыматтарды сын көз менен талдоону жана синтездөөнү жүзөгө ашыруу, коюлган милдеттерди аткаруу жана колдо болгон ресурстарды жана чектөөлөрдү эске алуу менен көйгөйлөрдү чечүү үчүн системалуу мамилени колдонууга жөндөмдүүлүк | • Башкарууга системалуу мамиле кылуунун маңызы жана принциптери;<br>• Жетекчинин системалык ой жүгүртүүсү түшүнүгү;<br>• Системанын негизги касиеттери: саламаттык сактоо системасынын бүтүндүгү, иерархиясы жана синергиясы;<br>• Ата мекендик саламаттык сактоонун уюштуруу принциптери;<br>• Маалыматтык камсыздоо жана тармакты компьютерлештирүү;<br>• Калкка социалдык кепилдиктерди берүүнүн принциптери;<br>• Саламаттык сактоонун жана медицинанын жалпы теориялары жана концепциялары;<br>• Саламаттык сактоону башкаруунун илимий негиздери жана технологиялары;<br>• Өзүнүн кесиптик милдеттерин аткаруудагы этикалык нормалар жана жүрүм-турум принциптери;<br>• Гендердик теңчилик жана социалдык интеграция / кошулуу. | **Колдоно билет:**<br>• туура логикалык корутундуларды жасоону;<br>• абстракттуу ой жүгүртүүнү;<br>• кесиптик иш чөйрөсүндө илимий-практикалык маалыматтарды издөөнү жана пайдаланууну;<br>• так стратегиялык максаттарды жана милдеттерди коюуда артыкчылыктарды белгилөө үчүн жана аларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон бардык ресурстарды мобилизациялоо жана жайылтуу үчүн уюмдун тутумдары, теориялар жана уюмдагы жүрүм-туруму жөнүндө билимди колдонууну;<br>• зарыл болгон учурда секторлор аралык команда түзүп, анын иштерин координациялоону;<br>• өз мекемесинин деңгээлинде саламаттык сактоо менен байланышкан салыктык-бюджеттик, административдик, укуктук, социалдык жана саясий маселелерди чечүүдө багытын табууну.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• саламаттык сактоо секторунун ар кандай багыттарынын ортосунда өз ара көз карандылыкты, өз ара аракеттенүүнү, артыкчылыктуулукту жана атаандаштыктын болушун аныктоо;<br>• сандык таблицалык, анын ичинде статистикалык мүнөздөгү |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | маалыматтарды талдоо жана туура чечмелөө;<br>• кырдаалды комплекстүү баалоо, анын бардык себептерин аныктоо жана келечекте көйгөйлөрдү болтурбоо үчүн чечимдерди табуу;<br>• кабыл алынган чечимдердин кесепеттерин, анын ичинде алардын башка кызыкдар тараптарга тийгизген таасирин баалоо;<br>• гендердик теңчилик жана социалдык интеграция/инклюзия менен байланышкан иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу, гендердик жана социалдык интеграцияга/кошулуу талдоо жүргүзүүнүн натыйжаларын пайдалануу. |
| **2. КОММУНИКАЦИЯ ЖАНА МАМИЛЕЛЕРДИ ТҮЗҮҮ** | | | |
| **2.А. УЮМДА МАМИЛЕЛЕРДИ ТҮЗҮҮ** | | | |
| КК-2.1 | Эмгек жамааты менен анын катышуучуларынын ортосунда ишенимдүү өнөктөштүк мамилелери бар бирдиктүү жамаатты түзүүгө жөндөмдүүлүк | • Эмгек жамаатынын түшүнүгү жана анын негизги белгилери;<br>• Эмгек жамаатын түзүүнүн шарттары жана баскычтары;<br>• Эмгек жамаатын түзүүнүн жолдору жана ыкмалары;<br>• Эмгек жамаатынын түрлөрү жана түзүмү;<br>• Эмгек жамаатынын функциялары жана социалдык ролдору;<br>• Кесиптик жамааттагы мамилелердин түрлөрү жана типтери, жана алардын өзгөчөлүктөрү;<br>• Эмоционалдык компетенттүүлүк/интеллект түшүнүгү. Жетекчинин жана жамааттын | **Колдоно билет:**<br>• эмгек жамаатын түзүү ыкмаларын колдонууну;<br>• эмгек жамаатында өз ара мамилелерди түзүүгө жана курууну;<br>• уюмдагы моралдык-психологиялык климаттын көйгөйлөрүн аныктоону жана аларды чечүүгө багытталган башкаруу чечимдерин иштеп чыгууну;<br>• эмгек жамаатынын натыйжалуу иштешине тоскоол болгон кыйынчылыктарды жеңүүнү. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | эмоционалдык интеллектилеринин принциптери;<br>• Жамаат менен иштөөдө эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү жана колдонуу. Жетекчинин жана кызматкерлердин коммуникативдик жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрү;<br>• Эмгек жамаатын башкаруу жана айланадагылар менен өз ара аракеттешүү үчүн натыйжалуу коммуникацияны түзүүнүн негизги жолдору жана ыкмалары. | **Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• өзүнүн жекече ишенимдери, баалуулуктары жана жүрүм-туруму өзүнүн чечимдерин кабыл алуусуна, башкалардын реакциясына таасир этүүсүн, эмоционалдык интеллекти (өзүнүн жана башкалардын эмоцияларын түшүнүүгө жана аларды башкарууга жөндөмдүүлүгү) менен да түшүнүү;<br>• саламаттык сактоо уюмдарында жагымдуу моралдык-психологиялык климатты түзүү;<br>• социалдык-психологиялык, жана алар аркылуу жамаатта жүрүп жаткан уюштуруучулук жана экономикалык процесстерге натыйжалуу таасир этүү. |
| **2.Б. КОММУНИКАЦИЯ ЖАНА СҮЙЛӨШҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮ** | | | |
| КК-2.2 | Инсандар аралык, топтук жана уюштуруучулук коммуникацияларды (тышкы жана ички), анын ичинде маданияттар аралык чөйрөдө коммуникацияларды куруу, мамлекеттик жана расмий тилдерде ишкердик баарлашууну жүргүзүү жөндөмдүүлүгү | • Уюмдагы коммуникациялардын түшүнүгү жана түрлөрү;<br>• Саламаттык сактоо уюмдарында коммуникациялык көйгөйлөрдү жана тоскоолдуктарды аныктоонун жана чечүүнүн негиздери;<br>• Ишкердик баарлашуунун негиздери, уюштуруу принциптери, шаймандары, ыкмалары, жана ишкердик коммуникацияга коюлуучу протоколдук талаптар;<br>• Сүйлөшүү боюнча командаларды түзүүнүн принциптери;<br>• Сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн стильдери жана сүйлөшүү процессинин технологиялары; | **Колдоно билет:**<br>• коммуникациялардын заманбап каражаттарын колдонууну өз ичине алган сүйлөшүү процессин уюштурууну;<br>• сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн рационалдуу стратегияларын жана тактикаларын иш жүзүндө колдонууну;<br>• инсандар аралык жана топтук коммуникацияларды долбоорлоону;<br>• уюмдардагы жекече, топтук жана уюштуруучулук коммуникациялар маселелерин чечүүнү;<br>• жигердүү угууну жана ынандыруу ыкмаларын колдонууну. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | • Байланыш моделдери жана ар кандай маданияттардын өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү өзгөчөлүктөрү. | **Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• ишкердик баарлашууну жүзөгө ашыруу: мамлекеттик жана расмий тилдерде эл алдында чыгып сүйлөө, сүйлөшүүлөрдү, кеңешмелерди өткөрүү, ишкердик кат алышуу, электрондук коммуникациялар;<br>• байланышка стратегиялык мамилени колдонуу: максаттуу аудиторияны аныктайт жана ар бир аудиториянын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен маалыматтык билдирүүлөрдү түзөт;<br>• инсандар аралык, топтук жана уюштуруучулук коммуникацияларды талдоо;<br>• маданият аралык чөйрөнү өз ичине алган уюмдун ичинде да,  ошондой эле тышкы байланыштарды түзүү көндүмдөрү менен натыйжалуу коммуникацияларды түзүү. |
| КК-2.3 | Саламаттык сактоо уюмдарынын натыйжалуу иштеши үчүн зарыл болгон уюштуруу-тескөө документтерин сабаттуу иштеп чыгууну жана эсепке алууну камсыз кылуу жөндөмдүүлүгү | • Ишке байланыштуу маалымат менен иштөөнүн негизги түшүнүктөрү жана заманбап принциптери (документ жүгүртүү, архив иши, аткаруу мөөнөттөрү ж. б.);<br>• Документтерди тариздөөгө жана документтер менен иштөөнү уюштурууга талаптар;<br>• Уюштуруу-тескөө документтеринин унификацияланган системасы. | **Колдоно билет:**<br>• саламаттык сактоо уюмдарында уюштуруу-тескөө документтерин, анын ичинде кызматтык нускамаларды иштеп чыгууга жетекчилик кылууну;<br>• КРда колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларында каралган документтерди сапаттуу жүргүзүүнү уюштурууну;<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын документтерин жүргүзүүгө жана кызматкерлердин кызматтык милдеттерин аткаруусуна карата аткаруу тартибинин сакталышын камсыз кылууну. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | **Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• кесиптик иште натыйжалуу колдонуу үчүн документтер менен иштөө ыкмаларын жана процесстерин башкаруу;<br>• расмий иш кагаздарын жүргүзүү (башкаруу жана финансылык документтерди туура тариздөө) көндүмдөрүнө ээ;<br>• милдеттерди аткаруу үчүн жоопкерчилик маселелеринде тактыкты камсыз кылуу менен буйруктарды бөлүштүрүү көндүмдөрү. |
| КК-2.4 | Уюмдун ички жана тышкы коммуникациялар системасы аркылуу бардык кызыкдар тараптар менен байланыштарды уюштуруу жана сактоого жөндөмдүүлүгү | • Саламаттык сактоо уюмдарынын ички жана тышкы коммуникацияларынын маңызы жана өзгөчөлүгү;<br>• Уюмдарда ички жана тышкы коммуникацияны натыйжалуу системасын уюштуруунун жолдору;<br>• Иштеги мамилелердин этикалык нормалары. | **Колдоно билет:**<br>• саламаттык сактоо уюмунун ички жана тышкы коммуникациялар системасын уюштурууну;<br>• уюмдагы жана андан тышкаркы байланыш процесстерин талдоо жана алардын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууну;<br>• саламаттык сактоо уюмунун бөлүмдөрүнүн ортосундагы өз ара байланышты түзүүнү;<br>• ЖМК жана коомчулук менен байланышты камсыз кылууну.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• калктын саламаттыгынын жана саламаттыкты сактоонун негизги көйгөйлөрү боюнча негизделген позицияны калыптандыруу; |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | • башкаруу органдары жана стратегиялык башкаруу түзүмдөрү, анын ичинде жөнгө салуучу, кесиптик органдар жана аккредитациялоо мекемелери менен иштөөнүн натыйжалуу ыкмаларын колдонуу. |
| **2.В. ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ БАШКАРУУ** | | | |
| КК-2.5 | Саламаттыкты сактоо уюмдарындагы чыр-чатактуу кырдаалдарды чечүүнүн ар кандай жолдорун билүүгө жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жолу менен бөлүмдөрдүн, командалардын же топтордун аракетерин координациялоого ээлик кылуу | • Конфликтологиянын негиздери;<br>• Чыр-чатак түшүнүгү, анын пайда болуу себептери, анын түзүлүшү жана өнүгүү динамикасы;<br>• Чыр-чатактарды изилдөө усулдары жана конфликтология жаатында чечимдерди иштеп чыгуу ыкмалары;<br>• Чыр-чатактарды конструктивдүү чечүүнүн усулдары;<br>• Кызыкчылыктардын кагылышуусу жана кызыкчылыктардын кагылышуусу кырдаалындагы жүрүм-турум үлгүлөрү. | **Колдоно билет:**<br>• уюмдагы чыр-чатактарды аныктоону, алардын алдын алуу жана чечүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгууну;<br>• чыр-чатактарды жөнгө салуунун ар кандай ыкмаларын колдонуунун максатка ылайыктуулугун жана натыйжалуулугун баалоону.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• кызматкерлердин жүрүм-турумун жана өзгөрүүлөр болгондо мүмкүн болгон чыр-чатакты талдоо көндүмдөрү;<br>• чыр-чатакта натыйжалуу жүрүм-турум көндүмдөрү;<br>• чыр-чатактарды жана стрессти башкаруунун заманбап технологиялары. |
| **3. КЕСИПКӨЙЛҮК ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК** | | | |
| **3.А. ЖЕКЕЧЕ ЖАНА КЕСИПКӨЙ ЖООПКЕРЧИЛИК** | | | |
| КК-3.1 | Моралдык, адеп-ахлактык жана укуктук ченемдерди, аларга негизделген жүрүм-турум принциптерин жана эрежелерин сактоо менен кесиптик | • Жетекчинин жоопкерчилигинин маңызы жана түрлөрү;<br>• Жоопкерчиликтин деңгээлдери;<br>• Кесипкөй жоопкерчиликтин маңызы жана анын формалары; | **Колдоно билет:**<br>• ага жүктөлгөн кызматтык милдеттерди өз убагында жана сапаттуу аткарууну;<br>• өзүнүн иши боюнча жогору турган жетекчиликтин буйруктарын, тескемелерин жана тапшырмаларын, |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | маселелерди чечүү үчүн жеке жана кесипкөй жоопкерчиликти өзүнө ала билүү | • Типтүү кызматтык нускамалар жана уюмдун уставы;<br>• Эмгек мыйзамдары жана эмгектик укук ченемдерин, жергиликтүү ченемдик актыларды, жамааттык келишимдин, макулдашуулардын жана эмгек келишимдеринин шарттарын камтыган башка ченемдик укуктук актылар;<br>• Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү жогору турган жана башка органдардын токтомдору, буйруктары, тескемелери, ченемдик документтери жана жетектөөчү материалдары;<br>• Саламаттык сактоо уюмунун кызмат адамынын моралдык-этикалык нормалары жана жүрүм-турум эрежелери;<br>• Медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн эрежелери жана стандарттары;<br>• Ден-соолукка укук. Медициналык укук. Бейтаптардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн укуктары жана милдеттери. | ченемдик укуктук актыларын өз убагында жана квалификациялуу аткарууну уюштурууну;<br>• ички тартип эрежелерин, санитардык-эпидемиялык режимди, өрткө каршы коопсуздукту жана коопсуздук техникасын сактоону көрсөтүүнү;<br>• колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларда каралган документтерди сапаттуу жүргүзүүнү уюштурууну;<br>• бейтаптардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин аткарууну камсыз кылууну;<br>• колдонуудагы саламаттык сактоо саясатына жана ченемдик укуктук актыларына ылайык кызыкчылыктардын кагылышуусун түшүнүүнү жана алдын алууну;<br>• өзүнүн жана медициналык уюмдун иши боюнча статистикалык жана башка маалыматтарды белгиленген тартипте берүүнү;<br>• кесиптик милдеттерди аткаруунун жүрүшүндө моралдык-этикалык ченемдерди жана жүрүм-турум эрежелерин сактоону;<br>• медициналык кызмат көрсөтүү эрежелеринин жана стандарттарынын сакталышын камсыз кылууну;<br>• аткаруучулардын иш-аракеттерин координациялоону, көзөмөлдөөнү жана алар үчүн өзүнө жоопкерчиликти алууну. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| КК-3.2 | Укуктук мүнөздөгү иш-аракеттердин комплексин аткарууга, башкаруу чечимдеринин сунушталган варианттарын сын көз менен баалоого, саламаттык сактоону башкарууну укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүн түшүнүүнүн негизинде аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга жана негиздөөгө, ошондой эле колдонуудагы укуктук талаанын чегинде башкаруу чечимдерин кабыл алууга жөндөмдүүлүк | • Мыйзамдардын негизги түшүнүктөрү, институттары жана принциптери, укуктун негизги теориялары, дефинитивдик аппарат, негизги маалымдама-укуктук тутумдар жана учурдагы укуктук чындыкка карата укуктук ченемдерди баалоо ыкмалары;<br>• Конституциялык, административдик, жарандык, чарбалык, келишимдик, финансылык, эмгектик жана салыктык укук чөйрөсүндөгү мыйзамдардын негизги жоболору (түшүнүктөр, предметтер, негизги белгилер, принциптер жана ыкмалар);<br>• Юридикалык (кылмыш, административдик, жарандык жана тартиптик) жоопкерчилик түшүнүгү;<br>• Медициналык кызматкердин статусунун укуктук өзгөчөлүктөрү;<br>• Уюмдун менчик укугунун жана мүлкүнүн укуктук негиздери;<br>• Зыяндын жана залалдын ордун толтуруунун укуктук негиздери. | **Төмөнкүлөр жөнүндө түшүнүгү бар:**<br>• жарандык укуктук мамилелердин субъекттери жана анын айрым уюштуруу-укуктук формаларынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө;<br>• сот практикасы жана укук коргоо ыкмалары жөнүндө;<br>• коллизияларды чечүү жана мыйзамдардагы кенемтелерди толтуруу ыкмалары.<br>**Колдоно билет:**<br>• саламаттык сактоону башкаруу жаатындагы колдонуудагы мыйзамдарда эркин багыт табуу жана аны практикалык иште туура колдонууну;<br>• укуктук талаанын алкагында өзүнүн эмгек функциясын ишке ашырууну жана динамикалуу өнүгүп жаткан мыйзам чыгаруудагы өзгөрүүлөргө даяр болуу;<br>• укуктук мүнөздөгү чечимдерди ыкчам жана натыйжалуу кабыл алууну;<br>• жарандык-укуктук бүтүмдөрдү түзүүнү жана тариздөө боюнча иш жүргүзүүнү;<br>• колдонуудагы мыйзамдардын негизинде келишимдик, эмгектик жана башка талаштарды чечүүнү;<br>• талаш-тартыштарды чечүүнүн альтернативдүү ыкмаларын кошо алганда, сот органдарында укуктарды коргоо боюнча иштерди жүргүзүүнү;<br>• маалыматтык укуктук тутумдар ("Токтом" маалыматтык-укуктук порталы; Юстиция |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | министрлигинин ЧУА маалымат базасы ж.б.) менен иштөөнү.<br><br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• жаңы укуктук билимдерди жана маалыматтарды издөө, алуу жана өздөштүрүү боюнча;<br>• өзүнүн кесиптик ишмердигинде ЧУАны колдонуу;<br>• укуктук баалуулуктарга сый мамилени чагылдырган жогорку укуктук маданияттын стандарттарын сактоо. |
| **3.Б. КЕСИПТИК ӨНҮГҮҮ ЖАНА ӨМҮР БОЮ БИЛИМ АЛУУ** | | | |
| КК-3.3 | Өмүр бою билим алуу принциптеринин негизинде өзүн-өзү өнүктүрүү траекториясын куруу жана ишке ашырууга жөндөмдүүлүк | • Жеке кесиптик максаттарга жетүү үчүн өзүн-өзү баалоо ыкмалары жана жолдору;<br>• Өз алдынча өнүгүү траекториясын түзүү үчүн кесиптик ишмердүүлүктө үзгүлтүксүз билим алуунун ролу жана орду. | **Колдоно билет:**<br>• өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын жана жетишкендиктерин баалоону;<br>• кесиптик ишмердүүлүктө инновацияларды издөөнү жана киргизүүнү.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• жеке жана кесиптик өнүгүү траекториясын жекече уюштуруу жана пландаштыруу;<br>• саламаттыкты сактоону башкаруу жаатында тажрыйба жана инновациялар менен бөлүшүү үчүн кесиптик мамилелерди түзүү;<br>• кесиптик чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө ылайыкташуу жана талап кылынган билимдерди жана көндүмдөрдү үзгүлтүксүз өздөштүрүү. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| КК-3.4 | Өзүнүн күчтүү жана алсыз жактарын түшүнүү, натыйжалуу социалдык жана кесиптик ишмердүүлүктү камсыз кылуу үчүн өзүн-өзү баалоо, ой жүгүртүү жана кайтарым байланышка негизделген чечимдерди кабыл алууну колдоо жана өнүктүрүү, кесиптик иш тутумунда өзүн-өзү таанып билүү | • Кесип деген түшүнүк;<br>• Өзүн-өзү таанып билүүнүн маңызы, түзүлүшү жана өнүгүшү;<br>• Кесиптик өзүн-өзү таанып билүүнүн маңызы, түзүмү жана динамикасы;<br>• Жеке жана жумуш убактысын башкаруу үчүн керектүү жана кеңири колдонулган технологиялар;<br>• Максат коюу, убакытты башкаруу жана өзүн-өзү уюштуруу ыкмалары. | **Колдоно билет:**<br>• өзүнүн кесиптик сапаттарын, жеке кадыр-баркын жана кемчиликтерин сын көз менен баалоону;<br>• социалдык жана кесиптик ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн өзүнүн күчтүү жактарын өнүктүрүүнү;<br>• өзүнүн жумуш убактысын сарамжалдуу уюштурууну;<br>• белгиленген максаттарды аткаруунун мөөнөттөрүн пландаштырууну жана көзөмөлдөөнү;<br>• артыкчылыктарды белгилөөнү;<br>• өзүнүн мотивациясын аныктоону.<br>**Төмөнкүлөргө ээ:**<br>• кесиптик жүрүм-турумду баалоо үчүн күчтүү жана алсыз жактарын, жеңилүүлөрүн жана кемчиликтерин талдоо көндүмдөрүнө;<br>• өзүнө-өзү талдоо жүргүзүү усулдарына;<br>• практикалык убакытты башкаруу ыкмаларына;<br>• бейтаптын жана жамааттын муктаждыктары көңүл борборунда экенин түшүнүү менен жеке жана кесиптик жоопкерчиликтин ортосундагы тең салмактуулукту сактоо. |
| **3.В. КЕСИПКЕ КОШКОН САЛЫМЫ** | | | |
| КК-3.5 | Колдо болгон билим жана тажрыйба менен бөлүшүү менен | • Анын ичинде уюмдун жетекчисинин оң роль моделин түзүү аркылуу, саламаттык сактоо | **Колдоно билет:**<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын имидждик абалын баалоону, уюмдун |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | “Саламаттык сактоону башкаруу” квалификациясы боюнча кесиптик өнүгүүнү ар тараптуу илгерилетүүгө көмөк көрсөтүү жөндөмдүүлүгү | уюмдарынын имиджин бекемдөө ыкмалары жана усулдары;<br>• КР Саламаттык сактоо системасынын стратегиялык максаттарына ылайык башкаруу кадрларын даярдоо процессинде саламаттык сактоо уюмунун жана анын жетекчисинин ролу. | жана анын жетекчисинин имиджин жакшыртуу боюнча иш-чаралар системасын иштеп чыгууну;<br>• жаш адистерди эмгек ишмердигине даярдоону жана адаптациялоо үчүн саламаттык сактоо уюмунда жагымдуу шарттарды түзүү боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгууну.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• жаш адистерге насаатчылык кылуу жана мотивациялоо;<br>• өзүнүн уюмунун ичинде, ошондой эле бүтүндөй саламаттык сактоо секторунда башкаруу потенциалын калыптандыруу жана колдоо;<br>• саламаттык сактоо уюмунун жана анын башкаруу командасынын оң имиджин түзүү боюнча демилгелерди илгерилетүү. |
| **3.Г. ЭТИКАЛЫК ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЖАНА СОЦИАЛДЫК АҢ-СЕЗИМ** | | | |
| КК-3.6 | Социалдык, этникалык, конфессиялык жана маданий айырмачылыктарды толеранттуу кабыл алуу менен этикалык жүрүм-турумду жана иш-аракеттери үчүн жоопкерчиликти көрсөтө билүү | • Ар кандай социалдык, этникалык, конфессиялык жана маданий топтор менен өз ара аракеттенүүнүн өзгөчөлүктөрү;<br>• Бейтаптар менен өз ара аракеттенүүдө моралдык-этикалык нормалар жана эрежелер;<br>• Адамдын аң-сезим деңгээлинин мүнөздөмөсү катары эмоционалдык интеллект. | **Колдоно билет:**<br>• уюмдагы этикалык көйгөйлөрдү аныктоону жана этикалык башкаруу чечимдерин кабыл алуунун негизги моделдерин колдонууну;<br>• бейтаптардын жана кызматкерлердин этикалык маселелерин чечүү үчүн белгиленген этикалык структураларды колдонууну.<br>**Төмөнкүлөргө ээ:**<br>• эмоционалдык интеллекттин принциптерине; |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | • уюмда этикалык климатты түзүүнүн жана колдоонун усулдарына;<br>• социалдык, этникалык, конфессионалдык жана маданий айырмачылыктарга толеранттуулукка;<br>• өз ишинде ата мекендик жана эл аралык практикада кабыл алынган кесиптик-этикалык нормаларды сактоо көндүмдөрүнө. |
| **4. ДЕН СООЛУК ЖАНА САЛАМАТТЫК САКТОО ТАРМАГЫ** | | | |
| **4.А. САЛАМАТТЫК САКТОО СИСТЕМАСЫ** | | | |
| КК-4.1 | Өзүнүн кесиптик ишмердигинде саламаттык сактоо системасын, анын өнүгүү милдеттерин, саламаттыкты сактоо уюмунун ушул системадагы өз уюмунун ордун жана ролун түшүнүүнү менен колдонуу жөндөмдүүлүгү | • Саламаттык сактоо системасынын максаттары, милдеттери жана функциялары;<br>• Дүйнөдөгү саламаттык сактоо системаларынын классификациясы;<br>• Улуттук саламаттыкты сактоо системасынын негизги мүнөздөмөлөрү жана түзүмү;<br>• Башкаруу системасы, ыйгарым укуктарды жана функцияларды бөлүштүрүү;<br>• КР Саламаттык сактоо системасында ишке ашырылып жаткан мамлекеттик жана улуттук программалар;<br>• Саламаттык сактоо системасынын укуктук чөйрөсү, негизги мыйзамдар жана ЧУА, анын ичинде дары-дармек каражаттарын жана медициналык буюмдарды (ДКжМБ) жүгүртүү чөйрөсү;<br>• КР алдын алуу жана медициналык жардам көрсөтүү системасы;<br>• КРдин саламаттык сактоону каржылоо системасы; | **Колдоно билет:**<br>• саламаттык сактоо системасынын функцияларынын ортосундагы байланыштарды баалоо;<br>• КР Саламаттык сактоо системасынын түзүмүнүн өзгөчөлүктөрүн, каржылоо механизмдерин жана кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууну кошо алганда, саламаттык сактоо уюмдарынын иштөө принциптерин жана тартибин (алардын түрлөрү, типтери жана деңгээлдери боюнча) эске алууну.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• саламаттык сактоо системасында башкаруу механизмдерин рационалдуу пайдалануу;<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын ишинде саламаттык сактоо жаатында, ошондой эле ДКжМБин жүгүртүү чөйрөсүндө колдонуудагы ЧУАларды пайдалануу боюнча; |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | • Милдеттүү медициналык камсыздандыруу. Мамлекеттик кепилдиктер программасы жана аны ишке ашыруу;<br>• Саламаттык сактоо системасынын эмгек (кадрдык) ресурстары, аларды пландаштыруу жана пайдалануу;<br>• КР Саламаттык сактоонун маалыматтык системасы, функциялары, түзүмү, отчеттуулугу, өнүгүү тенденциялары;<br>• КР дары-дармек менен камсыз кылуу тутуму;<br>• КР Саламаттык сактоосундагы МжБ системасы. Саламаттык сактоо тутумунун иштешин талдоо. | • саламаттык сактоону өнүктүрүүнүн максаттуу программаларын натыйжалуу ишке ашыруу;<br>• саламаттык сактоо уюмунун максаттарын жана милдеттерин аныктоо / түзүү боюнча;<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин стратегиялык жана учурдагы пландоо;<br>• саламаттык сактоо уюмунун жана анын бөлүмдөрүнүн ишинин экономикалык көрсөткүчтөрүн пландаштыруу боюнча. |
| КК-4.2 | Саламаттык сактоо уюмунун ишин рационалдуу башкарууга жөндөмдүүлүгү | • Саламаттык сактоо уюмдарынын негизги түрлөрү, типтери жана деңгээлдери;<br>• Саламаттык сактоо уюмдарынын максаттары, милдеттери жана функциялары;<br>• Коюлган максаттарды ишке ашыруу, милдеттерди түзүү жана артыкчылыктарды аныктоо үчүн саламаттык сактоо уюмдарынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрү;<br>• Саламаттык сактоонун экономикасынын негиздери;<br>• Саламаттыкты сактоодогу натыйжалуулукту баалоо, усулдар жана ыкмалар;<br>• Калктын керектөөлөрүнө ылайык медициналык кызматтарды стратегиялык пландаштыруу, стратегиялык сатып алуу;<br>• Саламаттык сактоо уюмдарынын финансылык–экономикалык ишмердүүлүгүн уюштуруу; | **Колдоно билет:**<br>• клиникалык, корпоративдик жана административдик функцияларда укуктук, этикалык жана дарылоо, сапат / коопсуздук стандарттарын сактоо үчүн мониторинг тутумун колдонууну;<br>• калктын керектөөлөрүнө ылайык ресурстарын сапатына, коопсуздугуна жана бөлүштүрүлүшүнө мониторинг жүргүзүүнү жана баалоо ыкмаларын пайдаланууну;<br>• саламаттык сактоо экономикасынын көз карашы боюнча белгилүү бир жол-жобонун, кийлигишүүнүн, стратегиянын же саясаттын натыйжалуулугун жана мүнөздөмөсүн баалоонун натыйжаларын чечмелөөнү жана колдонууну.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• саламаттык сактоо уюмунун ишин мүнөздөөчү негизги көрсөткүчтөргө баа |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | • Саламаттык сактоо системасынын жана саламаттык сактоо уюмдарынын ишинин көрсөткүчтөрүн түзүү методикасы;<br>• Калктын керектөөлөрүнө ылайык ресурстардын жеткиликтүүлүгү, сапаты, коопсуздугу, чыгымдары жана бөлүштүрүлүшү ортосундагы өз ара байланыштарга мониторинг жүргүзүү жана баалоо ыкмалары;<br>• Саламаттык сактоо уюмдарынын ишин талдоо ыкмалары (жардамды уюштуруу, сапаты, жеткиликтүүлүгү жана натыйжалуулугу). | берүү (жардамды уюштуруу, анын сапаты, жеткиликтүүлүгү жана натыйжалуулугу);<br>• тармакты реформалоонун шартында саламаттык сактоонун өзгөрүп жаткан ченемдик-укуктук базасына ылайык саламаттык сактоо уюмунун ишин пландаштыруу;<br>• жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик жана өкмөттүк эмес уюмдар менен саламаттык сактоо уюмунун ишин координациялоо боюнча. |
| **4.Б. КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТОО** | | | |
| КК-4.3 | Саламаттык сактоо жаатындагы жана ага байланыштуу тармактардагы тенденцияларды талдоо жана сын көз менен баалоо аркылуу калктын ден соолугун сактоо, чыңдоо жана калыбына келтирүү боюнча иш-чараларды, анын ичинде макроэкономикалык деңгээлде ишке ашырууга катышууга жөндөмдүүлүгү | • Коомдук саламаттыкты сактоо чөйрөсүн жөнгө салуучу мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын негиздери;<br>• Коомдук ден-соолуктун жана саламаттык сактоонун 10 ыкчам функциясы (негизги КДЫФ жана аны коштогон КДЫФ);<br>• КДЫФ 1. Калктын саламаттыгынын жана бакубат жашоо абалына көзөмөл жүргүзүү;<br>• КДЫФ 3. Ден-соолукту коргоо, анын ичинде айлана-чөйрөнү коргоо, эмгекти коргоо, тамак-аш азыктарынын коопсуздугу ж. б.;<br>• КДЫФ 4. Ден-соолукту чыңдоо, анын ичинде социалдык детерминанттарга жана ден-соолукка карата адилетсиз мамилеге таасир этүү чаралары;<br>• КДЫФ 5. Оорулардын алдын алуу, анын ичинде ооруну эрте аныктоо;<br>• КДЫФ 6. Ден-соолук жана бакубат жашоо үчүн стратегиялык жетекчиликти камсыз кылуу; | **Колдоно билет:**<br>• ден соолукту чыңдоо жана алдын алуу программаларын ишке ашырууну пландаштырууну, уюштурууну жана координациялоону;<br>• саламаттык сактоо уюмунун тейлөө аймагында калк арасында оорунун жана өлүмдүн олуттуу себептеринин эпидемиологиясынын негизги өзгөчөлүктөрүн сүрөттөөнү;<br>• саламаттык сактоо кызматтарына болгон муктаждыктарды жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде баалоону жүргүзүүнү же мындай баалоолорду жүргүзүүнү жетектөөнү, бул баалоолордо ден соолуктун биологиялык, социалдык, экономикалык, маданий, саясий жана физикалык детерминанттары эске алынышына жетишүүнү. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | • КДЫФ 7. Коомдук саламаттык сактоонун жетиштүү жана компетенттүү кадрларын камсыз кылуу;<br>• КДЫФ 8. Туруктуу уюштуруу түзүмдөрүн жана каржылоону камсыз кылуу;<br>• КДЫФ 9. Ден соолук (сергек жашоо) кызыкчылыгында маалыматтык – үгүт-насаат иштери, коммуникация жана социалдык мобилизация. | **Төмөнкүлөргө ээ:**<br>• бул коомдогу же жергиликтүү коомчулуктагы демографиялык структуранын өзгөчөлүктөрү жана демографиялык өзгөрүү процесси жана анын коомдук ден соолук үчүн кесепеттери жөнүндө түшүнүккө;<br>• саламаттык сактоо тармагында маалыматтарды башкаруу жана берилмелерди/маалыматтарды сактоо ыкмаларына, санариптик жана башка технологияларга, жана алдыңкы тажрыйбаларга;<br>• ал оорулардын түйшүгүн, көрсөткүчтөрдү, тобокелдиктердин мүнөздөмөлөрүн жана медициналык-санитардык жардамга суроо-талаптарды жана ага жеткиликтүүлүк сыяктуу факторлорду эске алуу менен, калктын саламаттык сактоо кызматына болгон муктаждыгы жөнүндө маалыматтарга;<br>• ооруларга каршы эмдөөнүн негиздерине ээ болгондуктан, иммунизациялоонун уюштуруу аспектилери боюнча көрсөтмөлөрдү бере алат;<br>• экинчи жолку алдын алуунун жана скрининг программалары негиздерине;<br>• саламаттык сактоо системасынын түзүмү жана анын стратегиялык жетекчилик жана каржылоо механизмдери, ошондой эле медициналык-санитардык жардам кызматтары кандайча уюштурулгандыгы жөнүндө түшүнүккө ээ. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | **Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• калктын ден соолугунун абалын, анын ичинде тобокелдик топтордун жана аялуу топтордун ден соолугун жакшыртуу боюнча практикалык сунуштарды баалоо жана иштеп чыгуу үчүн демографиялык статистиканы жана ден соолук көрсөткүчтөрүн сабаттуу пайдалануу;<br>• калктын ден соолугун жана бакубаттуулугун коргоо жана чыңдоо үчүн максималдуу жагымдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүү үчүн тиешелүү улуттук мыйзамдарды же ченемдик документтерди практикада колдонуу;<br>• калктын, айрым уюмдардын деңгээлинде же институционалдык деңгээлде жүзөгө ашырылуучу ден соолук маселелеринде ден соолукту чыңдоо жана сабаттуулукту жогорулатуу боюнча иш-чараларды жана ден соолукту чыңдоо үчүн тиешелүү практиканы киргизүү программаларын колдоо жана бул иш-чараларга жана программаларга катышуу;<br>• өнөр жай тарабынан колдонулган маркетинг ыкмаларына каршы туруу үчүн тамактануу, тамекиге каршы күрөшүү, алкоголдук ичимдиктерди зыяндуу пайдаланууну кыскартуу ж.б. маселелери боюнча маалыматтарды жайылтуу. |
| КК-4.4 | Табигый кырсыктар жана / же өзгөчө кырдаалдар учурунда тобокелдиктерди башкаруу, глобалдык | • КДЫФ 2. Ден соолукка коркунучтарга жана өзгөчө кырдаалдарга каршы мониторинг жүргүзүү жана жооп берүү чараларын көрүү; | **Колдоно билет:**<br>• кийлигишүү зарылдыгын аныктоо үчүн, мүмкүн болуучу тобокелдиктерге жана коркунучтарга байланыштуу |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | саламаттыкты сактоо иш-чараларынын таасирин жана кесепеттерин жергиликтүү деңгээлде болжолдоо көндүмдөрүнө ээ болуу | • Ден соолукка келтирилүүчү коркунучтарга, тобокелдиктерге жана зыяндарга өз убагында жооп берүү үчүн эпидемиологиялык көзөмөл жана коомдук саламаттыкты көзөмөлдөө ыкмалары;<br>• Табигый кырсыктар жана / же өзгөчө кырдаалдар учурунда тобокелдиктерди, коркунучтарды жана ден-соолукка келтирилген зыяндарды башкаруу ыкмалары;<br>• Табигый кырсыктар жана / же өзгөчө кырдаалдар учурунда тиешелүү кызматтар жана түзүмдөр менен өз ара аракеттенүү жана кабарлоо схемалары;<br>• Глобалдык өз ара байланышты жана анын калктын ден-соолугуна тийгизген таасирин түшүнүү үчүн глобалдык саламаттыкты сактоо иш-чараларынын жергиликтүү таасири;<br>• Эл аралык медициналык-санитардык эрежелер. | эпидемиологиялык кырдаалга талдоо жүргүзүүнү;<br>• тобокелдиктерди баалоонун жана башкаруунун бирдиктүү улуттук тутумунун алкагында негизги тобокелдиктерди жана кырсыктарды билүү тутумун иштетүүнү;<br>• эпидемиологиялык көзөмөл, тобокелдиктерди минималдаштыруу жана жоюу боюнча программаларды/иш-чараларды иштеп чыгууну жана жүзөгө ашыруу үчүн медициналык-санитардык жардам көрсөтүүдө коопсуздуктун минималдуу же базалык шарттарын аныктоо жана медициналык кызмат көрсөтүү үчүн да, өзгөчө кырдаал шарттарында да милдеттүү шарттардын туруктуулугун камсыз кылууну;<br>• саламаттык сактоо жаатындагы коопсуздукту камсыз кылуу максатында жергиликтүү шарттарда "эл аралык медициналык-санитардык эрежелерди" колдонуууну;<br>• өзгөчө кырдаалдар учурунда иштөөгө даяр болууну.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• табигый кырсыктар жана / же өзгөчө кырдаалдар учурунда тобокелдиктерге, коркунучтарга жана ден соолукка келтирилген зыяндарга өз убагында чара көрүү жана башкаруу;<br>• табигый кырсыктарда жана / же өзгөчө кырдаалдарда тиешелүү кызматтар жана |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | түзүмдөр менен өз ара аракеттенүү схемасын өз убагында колдонуу;<br>• жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, жергиликтүү коомчулукту жана башка негизги өнөктөштөрдү тартуу менен, заманбап инновациялык маалыматтык-коммуникациялык ыкмаларды кеңири колдонуу менен ден соолукту чыңдоо системасын өнүктүрүү;<br>• өзгөчө кырдаал шарттарында ооруkанаnын/БМСЖнын ишин уюштуруу боюнча. |
| **5. САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ИШИН БАШКАРУУ** | | | |
| **5.А. ЖАЛПЫ МЕНЕДЖМЕНТ** | | | |
| КК-5.1 | Иш-чараларды пландаштыруу жана ишке ашыруу, функцияларды бөлүштүрүү жана өткөрүп берүү, айрым кызматкерлерди жана жалпы жамаатты белгиленген максаттарга жетүүгө түрткү берүүчү башкаруу функцияларын аткаруу аркылуу саламаттыкты сактоо уюмун башкаруу жөндөмдүүлүгү | • Башкаруу теориясынын негиздери, саламаттыкты сактоодогу башкаруунун негизги принциптери;<br>• Саламаттык сактоо уюмунун жетекчисинин ролдору, функциялары жана милдеттери;<br>• Саламаттыкты сактоо уюмунун жетекчиси иш жүзүндө колдонгон башкаруунун негизги моделдери жана ыкмалары;<br>• Ыйгарым укуктарды өкүлдөө жана анын өзгөчөлүктөрү;<br>• Саламаттык сактоо уюмдарынын учурдагы ишмердүүлүгүнүн тактикалык жана оперативдүү пландарын иштеп чыгуу;<br>• Уюмдун ичиндеги көзөмөлдүн негизги түрлөрү жана жол-жоболору;<br>• Уюмдун натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги багыттары. | **Колдоно билет:**<br>• максаттарды, милдеттерди коюу жана артыкчылыктарды аныктоо менен уюмдун иш-аракеттеринин пландарын иштеп чыгууну<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүн түзүүнү жана баалоону;<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин уюштурууну;<br>• эмгек жамаатынын ишин координациялоону жана тиешелүү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнү;<br>• пландарды жана программаларды аткаруунун үстүнөн көзөмөлдү камсыз кылууну. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | **Төмөнкүлөргө ээ:**<br>• кесиптик функцияларды ишке ашырууга байланыштуу максаттарды жана милдеттерди коюу технологиялары;<br>• башкаруу теориясынын негизги жоболорун иш жүзүндө колдонуу. |
| **5.Б. УЮМДУК ӨНҮГҮҮ ЖАНА БАШКАРУУ** | | | |
| КК-5.2 | Башкаруунун уюштуруу структурасын оптималдаштыруу, ошондой эле уюмдун иштешине макроэкономикалык чөйрөнүн факторлорунун таасирин эске алуу менен уюштуруучулук өнүгүү программаларын иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү | • Уюмдун өнүгүү принциптери жана иштөө мыйзам ченемдүүлүктөрү;<br>• Уюмдун иштөө жана өнүгүү процессин (уюштуруу түзүмү, миссиясы, көрүмү, стратегиясы, жашоо цикли ж. б.) сүрөттөөгө мүмкүндүк берген негизги түшүнүктөр;<br>• Уюштуруу структураларынын түрлөрү, алардын негизги параметрлери жана аларды долбоорлоо принциптери;<br>• Уюмдун ишмердүүлүгүн талдоо ыкмалары жана жолдору. | **Колдоно билет:**<br>• уюмдун тышкы жана ички чөйрөсүн аныктоону;<br>• уюштуруу тутумдарын түзүүдө жана иштетүүдө уюштуруу теориясынын мыйзамдарын жана принциптерин колдонууну;<br>• уюштуруу түзүмүн талдоо жана аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууну;<br>• уюмду өнүктүрүүнүн программасын иштеп чыгууну.<br>**Төмөнкүлөргө ээ:**<br>• саламаттык сактоо уюмунун миссиясын, максаттарын жана милдеттерин түзүү боюнча көндүмдөргө;<br>• уюштуруу тутумдарынын түзүлүшүн жана иштешин жөнгө салуучу нускамалар жана жоболорго;<br>• уюмдун уюштуруу жана башкаруу моделдерин түзүү ыкмаларына. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| **5.В. СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНДОО ЖАНА МАРКЕТИНГ** | | | |
| КК-5.3 | Уюмдун стратегиялык планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, ошондой эле саламаттыкты сактоодо заманбап маркетинг куралдарын колдонуу көндүмдөрүнө ээ болуу | • Стратегиялык пландаштыруунун негизги милдеттери;<br>• Уюмдун миссиясын жана стратегиялык максаттарын түзүүгө коюлган атайын талаптар;<br>• Стратегиялык талдоонун ыкмалары;<br>• Уюмдун стратегиялык планын түзүүнүн принциптери;<br>• Саламаттык сактоонун маркетинг куралдары. | **Колдоно билет:**<br>• уюмдун бөлүмдөрүнүн стратегиялык милдеттерин анын миссиясына ылайык баалоону;<br>• уюмдун стратегиялык планын түзүүнү;<br>• саламаттык сактоо уюмунун маркетинг чөйрөсүнө талдоо жүргүзүүнү;<br>• саламаттык сактоо уюмунун маркетинг стратегиясын иштеп чыгууну.<br>**Төмөнкүлөргө ээ:**<br>• стратегиялык талдоо ыкмаларына;<br>• уюмдун тышкы жана ички чөйрөсүн, анын негизги элементтерин талдоо жана алардын уюмга тийгизген таасирин баалоо көндүмдөрүнө;<br>• уюмдун иш-аракеттеринде заманбап маркетинг куралдарын колдонуу көндүмдөрүнө. |
| **5.Г. САЛАМАТТЫК САКТОО КАДРЛАРЫН БАШКАРУУ** | | | |
| КК-5.4 | Саламаттык сактоо кадрларын башкаруу боюнча иш-чараларды иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга жөндөмдүүлүк | • Уюмду башкарууда саламаттыкты сактоо кадрларын башкаруунун ролу, орду жана анын саламаттыкты сактоо уюмунун стратегиялык милдеттери менен байланышы;<br>• Эмгек мамилелери, кадрларды башкаруу жана эмгекти уюштуруу боюнча ЧУА (эмгек мыйзамдарынын негиздери, ведомстволук актылар ж. б.);<br>• Саламаттыкты сактоо кызматкерлерин башкаруу элементтери (пландаштыруу, издөө, тандоо, окутуу, мотивация жана баалоо); | **Колдоно билет:**<br>• кадрларды башкаруунун корпоративдик саясатын иштеп чыгууну жана саламаттыкты сактоо уюмунун деңгээлинде кадрдык кызматты өркүндөтүүнү;<br>• саламаттык сактоо уюмдарында кадрларды пландаштырууга жана алмашуусуна талдоо жүргүзүүнү;<br>• уюмдун кадрларга болгон муктаждыгын болжолдоону жана аны |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | • Саламаттык сактоо уюмдарынын ар кандай түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кадрлары менен иштөөнү уюштуруунун өзгөчөлүктөрү;<br>• Таланттуу кадрларды тандоо жана кызматка көтөрүү ыкмалары;<br>• Заманбап технологиялар жана кадрларды ыкчам башкаруу ыкмалары, документалдык колдоо жана эсепке алуу. | канааттандыруунун натыйжалуу жолдорун аныктоону;<br>• жаңы кызматкерлерди ишке тартууну жана тандоо боюнча иш-чараларды, ошондой эле аларды адаптациялоо программаларын иштеп чыгууну;<br>• кызматкерлерди мотивациялоонун ар түрдүү ыкмаларын колдонууну;<br>• кызматкерлерди баалоо жана аттестациялоо, жана аларды ишке ашырууга катышууну;<br>• саламаттык сактоо уюмунун кызматкерлеринин квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатууга көмөктөшүүнү жана окутуунун натыйжалуулугун баалоону;<br>• саламаттыкты сактоо уюмдарында гендердик жана теңдикке байланыштуу маселелерди баалоону, басмырлоонун жана куугунтуктоонун бардык түрлөрүн алдын алууну.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• калктын керектөөлөрүнө ылайык жана саламаттык сактоо уюмунун функцияларына жараша квалификациялуу кызматтарды көрсөтүү үчүн кадрдык потенциалды калыптандыруу, пландаштыруу жана чыңдоо;<br>• саламаттык сактоо уюмунун муктаждыктарына ылайык кадрларды тандоо жана штаттык тизимди макулдашуу; |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | • кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуунун ар жылдык пландарын иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча;<br>• эмгек жамаатында жагымдуу жумушчу атмосферасын түзүү. |
| КК-5.5 | Коомдо кабыл алынган моралдык, укуктук ченемдердин жана маданий айырмачылыктардын негизинде бейтапка багытталган кадр саясатын калыптандыруу технологиясына жана саламаттык сактоо уюмунун кадрдык потенциалын өнүктүрүү жол-жоболоруна ээ болуу | • Бейтапка багытталган кадр саясаты жөнүндө түшүнүк жана анын принциптери;<br>• Медициналык жардамга байланыштуу чечимдерди кабыл алууда бейтаптардын, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана жамааттардын ролу;<br>• Убактылуу жана туруктуу эмгекке жарамдуулугун жоготуу боюнча медициналык экспертизасын уюштуруу маселелери. | **Колдоно билет:**<br>• башкаруу чечимдерин пландаштырууну жана кабыл алуу үчүн ден соолукту коргоону жана чыңдоо маселелеринде калктын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн аныктоону;<br>• коомдо кабыл алынган адеп-ахлактык жана укуктук ченемдердин негизинде бейтаптар, алардын үй-бүлө мүчөлөрү жана жамааттар менен өз ара аракеттенүү, адамдарга сый-урмат жана башка маданиятка чыдамдуулукту, өнөктөштүктү сактоого даяр экендикти көрсөтүүнү.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• бейтаптардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин сактоо;<br>• медициналык тейлөөгө байланыштуу чечимдерди кабыл алууда бейтаптардын, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана жамааттардын маданий айырмачылыктарын жана күтүүлөрүн эске алуу;<br>• бейтаптар үчүн убактылуу жана туруктуу эмгекке жарамдуулугун жоготуу боюнча сабаттуу медициналык экспертиза уюштуруу. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| **5.Д. ФИНАНСЫЛЫК МЕНЕДЖМЕНТ** | | | |
| КК-5.6 | Уюмдун ишмердүүлүгүнүн каржылык пландаштыруу жана ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун болжолдоо, ишкердик маалыматтарды жана корпоративдик маалымат системаларынын заманбап ыкмаларын пайдалануу менен иштөөнүн негизинде каржылык отчеттуулукту түзүү жөндөмдүүлүгү | • Төлөөчү менен медициналык кызмат көрсөтүүчүнүн ортосундагы финансылык мамилелерди жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар;<br>• Бюджеттик мыйзамдар;<br>• Саламаттык сактоо уюмдарында финансы-экономикалык мамилелердин негиздери;<br>• Саламаттык сактоодо финансылык пландоонун жана божомолдоонун негизги максаттары жана милдеттери;<br>• Финансылык башкаруунун негизги принциптери жана шаймандары (финансылык пландар жана ишмердүүлүктүн индикаторлору);<br>• Долбоордук, операциялык жана капиталдык бюджеттөөнүн принциптери;<br>• Саламаттык сактоо уюмдарынын оптималдуу натыйжаларын камсыз кылуу, сапатын жана чыгымдарын натыйжалуу контролдоо үчүн уюмдун ресурстарына мониторинг жүргүзүү ыкмалары;<br>• Бюджеттик мыйзамдарды бузгандык үчүн жоопкерчилик. | **Колдоно билет:**<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын финансы-чарбалык чөйрөсүн жөнгө салуучу мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын системасында багыт табууну;<br>• бухгалтердик эсептин негизги принциптерин, финансылык пландар жана иштин натыйжаларын баалоо критерийлери сыяктуу финансылык менеджменттин шаймандарын сабаттуулук менен колдонууну;<br>• бюджеттик мыйзамдарга ылайык финансылык чечимдерди кабыл алууну;<br>• артыкчылык багыттарды жана коюлган милдеттерди эске алуу менен мамлекеттик каражаттарды натыйжалуу жана майнаптуу башкарууну.<br>**Төмөнкүлөргө ээ:**<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын финансылык көрсөткүчтөрүн чогултуунун, иштеп чыгуунун жана талдоонун заманбап ыкмаларына;<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын ишинин оптималдуу натыйжаларын камсыз кылуу, сапатын жана чыгымдарын натыйжалуу контролдоо үчүн уюмдун финансылык ресурстарын пландаштыруу жана болжолдоо көндүмдөрүнө;<br>• оптималдуу натыйжаларды жана саламаттык сактоо уюмунун финансылык каражаттарын натыйжалуу пайдаланууну |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | камсыз кылуу үчүн саламаттык сактоо уюмунун ресурстарына мониторинг жүргүзүү ыкмаларына;<br>• финансылык башкаруунун негизги принциптерин (финансылык пландар жана иштин индикаторлору, саламаттык сактоо уюмунун бизнес-пландары жана сметалары, долбоордук, операциялык жана капиталдык бюджеттөө принциптери) колдонуу көндүмдөрүнө ээ. |
| КК-5.7 | Финансылык талдоо жүргүзүү үчүн сандык жана сапаттык методдорду колдонуу жана алынган маалыматтардын негизинде саламаттык сактоо уюмдарынын финансылык камсыздоосун жакшыртуу жана ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча зарыл чараларды көрүү жөндөмдүүлүгү | • Саламаттык сактоо уюмдарынын финансылык башкаруу процесстерине сандык жана сапаттык талдоо жүргүзүүнүн негизги түшүнүктөрү, ыкмалары жана куралдары;<br>• Саламаттык сактоо уюмдарынын ишмердүүлүгүн финансылык талдоонун негизги принциптери жана ыкмалары. | **Колдоно билет:**<br>• уюмдун ишинин көрсөткүчтөрүн баалоонун негизинде анын ишине финансылык талдоо жүргүзүүнү (дебитордук / кредитордук карыздар , атайын эсептердин каражаттары боюнча планды аткаруу, саламаттык сактоо уюмдарынын бюджетинин тең салмактуулугу ж. б.);<br>• финансылык коэффициенттерди эсептөөнү, финансылык көрсөткүчтөрдүн динамикасын, түзүмүн талдоону, алардын саламаттык сактоо уюмдарында фактордук талдоо жүргүзүүнү;<br>• каржылык көрсөткүчтөргө комплекстүү талдоо жүргүзүүнү жана каржылык пландардын жана бюджеттердин аткарылышына мониторинг жүргүзүү үчүн аналитикалык таблицалар системасын өз алдынча иштеп чыгууну;<br>• финансылык камсыздоону жакшыртуу жана саламаттык сактоо уюмдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | боюнча зарыл чараларды иштеп чыгууну жана кабыл алууну.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• финансылык жана уюштуруу-башкаруу ыкмаларын, саламаттык сактоо уюмунун конкреттүү милдеттерине ыңгайлаштыруу жолу менен пайдалануу;<br>• бизнес-пландардын финансылык бөлүгүн, саламаттык сактоо уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн негизги финансылык көрсөткүчтөрүнүн системасын иштеп чыгуу;<br>• бөлүнгөн финансылык каражаттардын алкагында көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын оптималдуу көлөмүн пландаштыруу;<br>• каржылоонун бардык булактары боюнча саламаттык сактоо уюмдарынын кирешелерин пландоо;<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын чыгымдарын, анын ичинде күтүлбөгөн / пландаштырылбаган чыгымдарды оптималдаштыруу жана артыкчылык берүү;<br>• финансылык камсыздоону өркүндөтүү жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, бүтүндөй саламаттык сактоо уюму боюнча, ошондой эле анын ишинин багыттары, түзүмдүк бөлүмдөрү боюнча финансылык талдоо программасын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу. |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| **5.Е. МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ** | | | |
| КК-5.8 | Кесиптик маселелерди чечүүдө ар кандай маалыматтык ресурстарды, анын ичинде заманбап маалыматтык технологияларды жана программалык каражаттарды маалыматтык коопсуздуктун негизги талаптарын эске алуу менен пайдаланууга жөндөмдүүлүк | • Башкаруу чечимдерин кабыл алууда колдонуу үчүн маалыматтын түрлөрү жана булактары;<br>• Калктын ден соолугунун көрсөткүчтөрүнүн жана саламаттык сактоо уюмдарынын ишинин маалыматтарын түзүүнүн (эсептөөнүн) медициналык-биологиялык терминологиясы жана методикасы;<br>• Статистикалык эсепке алууну жана отчеттуулукту уюштуруунун принциптери;<br>• Саламаттык сактоо уюмунун ишиндеги артыкчылыктарды аныктоо жана колдоо үчүн статистикалык маалыматтарды талдоо жана баалоо ыкмалары;<br>• Маалыматтардын сапатын камсыз кылууга талаптар, маалыматтардын аныктыгына ички аудит жүргүзүү;<br>• Саламаттыкты сактоо уюмунун ишмердүүлүгүн колдоодо колдонуу үчүн ар кандай булактардан маалымат табуунун жолдору, заманбап маалыматтык жана библиографиялык ресурстар;<br>• Маалыматтык тутумдарды жана техникалык каражаттарды пайдалануу эрежелери;<br>• Заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (анын ичинде саламаттык сактоо системасында колдонулуучу компьютердик маалымат базалары) колдонуу эрежелери жана мүмкүнчүлүктөрү;<br>• Маалыматтын купуялуулугу жана коопсуздугу боюнча эрежелер жана талаптар. | **Колдоно билет:**<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын ишин мүнөздөөчү негизги көрсөткүчтөрдү талдоону жана баалоону, саламаттык сактоо уюмдарынын ишин пландаштыруу жана натыйжалуу чечимдерди кабыл алуу үчүн артыкчылыктуу керектөөлөрдү аныктоону;<br>• калктын ден-соолугунун абалын талдоону жана баалоону, жана далилдүү маалыматтардын негизинде чечим кабыл алууну;<br>• саламаттыкты сактоо уюмунун ишмердүүлүгүн колдоо үчүн ар кандай булактардан маалымат издөөнү;<br>• маалыматтык агымдарды колдоо үчүн заманбап компьютердик технологиялар, байланыш системасы менен иштөө шарттарын уюштурууну;<br>• саламаттык сактоо уюмдарында маалыматтардын сапатын жана аныктыгын камсыз кылуучу медициналык статистикалык эсепке алууну жана отчеттуулукту түзүүнү уюштурууну;<br>• саламаттык сактоо уюмунун натыйжалуу ишмердүүлүгүн уюштуруу үчүн байланыштын техникалык жана программалык каражаттарын колдонууну;<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын ишмердүүлүгүндө маалыматтын купуялуулугунун жана коопсуздугунун эрежелерин жана талаптарын, анын |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | | ичинде маалыматты чогултууга, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга этикалык мамилелерди колдонууну.<br>**Төмөнкүдөй көндүмдөргө ээ:**<br>• маалыматтык, библиографиялык ресурстарды пайдалануу менен кесиптик ишмердүүлүктүн стандарттуу маселелерин чечүү боюнча;<br>• индикаторлорго мониторинг жүргүзүү жана саламаттык сактоо уюмдарынын ишмердүүлүгүнө баа берүү үчүн электрондук медициналык-маалыматтык системаларды пайдалануу боюнча. |
| **5.Ж. МАТЕРИАЛДЫК РЕСУРСТАРДЫ БАШКАРУУ** | | | |
| КК-5.9 | Уюмдун натыйжалуу иштеши үчүн сатып алууларды башкарууну камсыз кылууга жөндөмдүүлүк | • “Мамлекеттик каражаттар”, мамлекеттик сатып алуулар түшүнүгү;<br>• Сатып алуу пландарын түзүүнүн негиздери жана мөөнөттөрү;<br>• Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн жол-жоболору жана ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү;<br>• Мамлекеттик сатып алуулардын усулдары, жана сатып алуулардын тигил же бул усулдарын колдонууда каралган өткөрүү мөөнөттөрү;<br>• Мамлекеттик сатып алууларга катышуудан четтетүүнүн шарттары, аларды ишенимсиз жана ак ниет эмес  жеткирүүчүлөрдүн маалымат базасына киргизүү;<br>• Конкурстук өтүнмөлөрдү баалоонун жол-жоболору; | **Колдоно билет:**<br>• уюмдун муктаждыктарына жана аткарылуучу кызматтардын көлөмүнө жараша сатып алуу планын түзүүнү;<br>• натыйжалуу, сарамжалдуу сатып алууларды туура уюштурууну;<br>• келишимди башкаруу процессин уюштурууну;<br>• материалдык активдердин кыймылын эсепке алууну уюштура алууну;<br>• ДКжМБны кошо алганда, натыйжалуу жана сарамжалдуу сатып алууларды жүргүзүүнү.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• ДКжМБны туура башкаруу боюнча процесстерди уюштуруу;<br>• саламаттык сактоо уюмдарына ДКжМБны жеткирип берүүлөрдүн бүткүл тизмегин |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | • Келишимдин жалпы жана өзгөчө шарттары, конкурстун жыйынтыгын чыгаруу жана келишим түзүү;<br>• Түзүлгөн келишимге өзгөтүүлөрдү киргизүү;<br>• Келишимдерди башкаруунун негиздери;<br>• Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик;<br>• Дары-дармек каражаттарын жана медициналык буюмдарды (ДКжМБ) жеткирүү тизмегин түзгөн ишмердүүлүктүн түрлөрү;<br>• Саламаттык сактоо уюмдарынын дары-дармек каражаттарына жана медициналык буюмдарга болгон керектөөсүн эсептөө;<br>• ДКжМБ сатып алуу максаттары үчүн артыкчылыктуу-нарктык талдоо өткөрүү;<br>• ДКжМБ запастарын башкаруу жана ДКжМБны талаптагыдай сактоо. | долбоорлоо, пайдалануу жана көзөмөлдөө боюнча иштерди алып барууну жана жетектөөнү камсыз кылуу боюнча;<br>• ДКжМБ үчүн ресурстарды натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланууга мониторинг жүргүзүү;<br>• жеткирүү чынжырындагы натыйжалуулукка жана тоскоолдуктарга таасир этүүчү факторлорду аныктоо, ДКжМБнын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында кыйынчылыктарды чечтетүү боюнча чечимдерди кабыл алуу;<br>• кырдаалга жараша мамлекеттик сатып алуулар ыкмасын тандоо;<br>• сатып алуу жол-жоболорун жүзөгө ашыруучу жана ДКжМБны жеткирүү чынжырларын башкаруучу адамдардын кесиптик деңгээлин пландаштыруу жана жогорулатуу. |
| **5.3. САПАТТЫ БАШКАРУУ** | | | |
| КК 5.10 | Белгиленген улуттук талаптарга жана колдонуудагы стандарттарга (клиникалык колдонмолор/клиникалык протоколдор, операциялык жол-жоболордун стандарттары ж. б.) ылайык өз уюмдарында | • Сапатты башкаруунун саясаты, принциптери, максаттары жана милдеттери;<br>• Сапаттын улуттук, эл аралык стандарттары жана критерийлери;<br>• Сапатты башкаруунун ыкмалары жана шаймандары;<br>• Стандарттарга ылайык бейтаптардын канааттануусу жана коопсуздугу; | **Колдоно билет:**<br>• медициналык жардамдын сапатын башкарууну жана контролдоо боюнча билимди колдонууну;<br>• саламаттык сактоо уюмдарынын ишмердүүлүгүндө сапатты башкаруу усулдарын, процесстерин жана стандарттарын иштеп чыгууну жана киргизүүнү; |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | медициналык жардамдын сапатын башкаруу саясатын ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү | • Медициналык кызматтардын сапатын экспертизалоонун туруктуу жана натыйжалуу системасын уюштуруу;<br>• Мониторинг жүргүзүү, маалыматтарды талдоо жана сапатты баалоо ыкмалары. | • маалыматты талдоону, себеп-натыйжа байланыштарын аныктоону жана сапатты башкаруу тутумундагы иш-чаралар жөнүндө жыйынтык чыгарууну.<br>**Төмөнкү көндүмдөргө ээ:**<br>• уюмдун сапат жаатындагы милдеттенмелерин аткарышы үчүн шарттарды жана зарыл ресурстарды камсыз кылуу;<br>• сапат боюнча процесстерди/иш-чараларды жакшыртуу боюнча командалык ишти жана жоопкерчиликти өткөрүп берүүнү уюштуруу;<br>• саламаттык сактоо уюмдарында медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатына МжБ жүргүзүү усулдарын колдонуу боюнча;<br>• медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын экспертизалоонун туруктуу жана натыйжалуу тутумун түзүү боюнча. |
| КК 5.11 | Медициналык жардамдын сапатын жана коопсуздугун үзгүлтүксүз жакшыртуу боюнча ишти уюштурууга жөндөмдүүлүк | • Саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардамдын сапатын башкаруу тутумун уюштуруу ыкмалары;<br>• Саламаттык сактоо уюмунун ишин өзүн-өзү баалоо ыкмалары;<br>• Процесстерди / иш-чараларды жакшыртуу, жоготуулардын алдын алуу жана дал келбестиктерди жоюу ыкмалары;<br>• Өзгөрүүлөрдү башкаруунун принциптери жана шаймандары;<br>• Медициналык жардамдын сапаты жана коопсуздугу үчүн МжБ тутуму; | **Колдоно билет:**<br>• сапатты башкаруу маселелери боюнча саламаттык сактоо уюмунун өзүн-өзү баалоо жол-жобосун уюштурууну;<br>• калкка медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жана коопсуздугун жакшыртуу боюнча процесстерди баалоону жана өркүндөтүүнү;<br>• өзгөрүүлөрдү башкаруунун прицитерин жана шаймандарын колдонууну;<br>• саламаттык сактоо уюмдарында сапатты башкаруу тутмун өнүктүрүү максатында |

| КОДУ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР | БИЛИМДЕР | КӨНДҮМДӨР |
|---|---|---|---|
| | | • Медициналык жардамдын сапатын камсыз кылуу үчүн мотивация ыкмалары жана тутумдары;<br>• Отчеттуулук, көрүлгөн чараларды текшерүү жана документтештирүү. | окутуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнү жана шыктандырууну.<br>**Төмөнкүдөй көндүмдөргө ээ:**<br>• коопсуз ыкмаларды жана жол-жоболорду жайылтуу менен коопсуз чөйрөнү түзүү;<br>• мүмкүн болгон зыянды аныктоого, азайтууга же алдын алууга мүмкүндүк берүүчү медициналык жардамдын сапатын жана коопсуздугун башкаруу процесстерин үзгүлтүксүз өркүндөтүү маданиятын калыптандыруу;<br>• ички жана тышкы талаптарга ылайык келишин камсыз кылуу үчүн иш-чараларды иштеп чыгуу менен медициналык процедуралардын сапатын жана коопсуздугун МжБ уюштуруу. |

# 11. КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН КАТАЛОГУНУН НЕГИЗИНДЕ САЛАМАТТЫК САКТООНУ БАШКАРУУ БОЮНЧА КЕСИПТИК КАЙРА ДАЯРДООНУН ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

Компетенциялардын бул каталогуна ылайык 500 академиялык сааттан кем эмес көлөмдө саламаттык сактоону башкаруу боюнча кесиптик окутуу программасы иштелип чыгууда. Саламаттык сактоону башкаруу боюнча мындай биринчи кесиптик окутуу программасы 2022-2023-жылдарга 540 академиялык саат көлөмүндө иштелип чыккан.

Бул кесиптик даярдоо программасынын курамында 15 окуу модулу бар.

Сунушталган модулдар жалпы жана тармактык мүнөздөгү маселелердин айкалышын камтыйт: Жалпы менеджмент маселелери жана саламаттык сактоо системасынын өзгөчөлүктөрү жана саламаттык сактоо уюмдарын башкаруу маселелери боюнча даярдоо.

Окуу программасы ар кандай окутуу формаларын жана угуучулардын билимин тестирлөөнү камтыйт.

Кайра даярдоонун ушул программасын иштеп чыгуу жана окутуу үчүн Кыргыз Республикасынын бир катар жогорку окуу жайларынын (ЖОЖдорунун) профессордук-окутуучулук курамы чакырылган, анын ичинде:

- С. Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту (КММКДжКИ)
- И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы (КММА)
- Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россиялык Славян университети (КРСУ)
- М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз Экономикалык Университети (КЭУ)
- Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети (КУУ)
- Кыргызстан эл аралык университети (КЭАУ)

Саламаттык сактоону башкаруу боюнча кесиптик кайра даярдоого катышкан ЖОЖдордун консорциумуна башка уюмдар да чакырылат деп болжолдонууда, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы (ПМБА)
- Ош мамлекеттик университети (ОшМУ)

3-таблицада 2022-2023-жылдарга саламаттык сактоону башкаруу боюнча кесиптик даярдоо программасына киргизилген 15 модулдун тизмеси келтирилген.

**4-таблица**

2022-2023-ЖЖ. САЛАМАТТЫК САКТООНУ БАШКАРУУ БОЮНЧА КЕСИПТИК КАЙРА ДАЯРДОО ПРОГРАММАСЫНЫН МОДУЛДАРЫ

| **№** | **Сабактын аталышы** | **Академия-лык сааттар-дын саны** | **Компетен-циялар** |
|---|---|---|---|
| 1 | Саламаттык сактоону башкаруунун негиздери | 30 | КК-5.1<br>КК-5.2 |
| 2 | Уюштуруучулук жүрүм-турум жана лидерлик | 30 | КК-1.1<br>КК-1.3<br>КК-2.1<br>КК-3.4<br>КК-5.2 |
| 3 | Ишкердик баарлашуунун этикасы | 30 | КК-2.2<br>КК-2.3<br>КК-2.4<br>КК-2.5<br>КК-3.6 |
| 4 | Чечим кабыл алуунун принциптери жана ыкмалары | 30 | КК-1.2<br>КК-1.5 |
| 5 | Саламаттык сактоодогу стратегиялык пландоо жана маркетинг | 30 | КК-2.4<br>КК-3.5<br>КК-5.3 |
| 6 | Саламаттык сактоо уюмдарындагы финансылык менеджмент | 30 | КК-5.6<br>КК-5.7 |
| 7 | Саламаттык сактоонун системасы жана саясаты | 60 | КК-1.6<br>КК-4.1<br>КК-4.2<br>КК-4.4 |

| № | Сабактын аталышы | Академиялык сааттардын саны | Компетенциялар |
|---|---|---|---|
| 8 | Саламаттык сактоо жаатында маалыматты жана маалыматтык ресурстарды башкаруу | 60 | КК-4.3<br>КК-5.8 |
| 9 | Саламаттык сактоонун кадрларын башкаруу | 30 | КК-3.3<br>КК-3.5<br>КК-5.4<br>КК-5.5 |
| 10 | Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери | 30 | КК-3.1<br>КК-3.2 |
| 11 | Уюмдук өзгөрүүлөрдү жана инновацияларды башкаруу | 30 | КК-1.4 |
| 12 | Саламаттык сактоонун экономикасынын негиздери | 30 | КК-4.1<br>КК-4.2 |
| 13 | Саламаттык сактоо уюмдарында материалдык ресурстарды башкаруу | 30 | КК-5.9 |
| 14 | Саламаттык сактоодо сапатты үзгүлтүксүз жогорулатууну башкаруу | 60 | КК-5.10<br>КК-5.11 |
| 15 | Саламаттык сактоо тутумунун ишмердүүлүгүнө мониторинг, баалоо жана талдоо жүргүзүү | 30 | КК-1.2<br>КК-1.4<br>КК-1.5<br>КК-5.10<br>КК-5.11 |

## 12. КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. «Кыргыз Республикасында кесиптик стандартты иштеп чыгуу», Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021.15.07 №77-Токтомуна 1-тиркеме.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмунун жетекчиси жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004.3.02 №53-Токтому менен бекитилген.

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмунун жетекчиси жөнүндө Жобо, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2013-жылдын 15-мартындагы №117-буйругу.

4. Модель компетенций ВОЗ-ASPHER для кадров общественного здравоохранения в Европейском регионе 2020 г.

5. Модель компетенций руководителя организации здравоохранения: международный опыт внедрения компетенций распределённого лидерства *О. В. Куделина Сибирский государственный медицинский университет, Томск РЖМ* 14 (4): 81–104 (2016).

6. Куделина О. В. 2016. Творчество и лидерство. Идеи распределённого лидерства в управлении учреждениями здравоохранения. Экономика и управление (2): 39–46.

7. Модель компетенций для лидеров/руководителей лабораторий [Laboratory leadership competency framework] ISBN 978-92-4-451510-5 © ВОЗ, 2019.

8. Clinical Leadership Competency Framework Leadership Academy© 2011 NHS.

9. Healthcare Operations Manager Job Description Published: 21 Apr 2017.

10. Health service manager H Written by AGCAS editors November 2019.

11. Лидерские и управленческие компетенции менеджеров больниц: систематический обзор и синтез наиболее подходящих рамок Эдрис Какемам , Чжанмин Лян , Али Джанати , Мортеза Араб-Зозани, Бахрам Мохагех и Масуме Голизаде J/Healthcare Leadership. 2020; 12: 59–68.

12. Leadership Competencies for Health Services Managers 2015 www.ihf-fih.org.

13. Лян З., Ховард П.Ф., Леггат С., Бартрам Т. Развитие и проверка компетенций в области управления услугами здравоохранения. J Health Organization Manager. 2018; 32 (1): 157–175. doi: 10.1108 / JHOM-06-2017-0120.

14. Ховард П.Ф., Лян З., Леггат С., Карими Л. Валидация инструмента оценки управленческой компетенции для менеджеров служб здравоохранения. J Health Organization Manager. 2018; 32 (1): 113–134. doi: 10.1108 / JHOM-08-2017-0223.

15. Stefl ME. Общие компетенции для всех менеджеров здравоохранения: модель Healthcare Leadership Alliance. J Healthcare Manager. 2008; 53 (6): 60–374.

16. Профессиональные компетенции руководителя – Источник Деловой мир: http://hr-media.ru/kak-opredelit-kakih-kompetentsij-ne-hvataet-kandidatu-na-rukovodyashhuyu-dolzhnost/ Источник: https://businessmal.ru/navyki-i-kompetencii-rukovoditelya.html.